

# БИЗ ЖАШАГАН ШААРЛАР

*С. Токтогонов, Т. Айдашев, С. Өмүрзаков*

# БИЗ ЖАШАГАН ШААРЛАР

Ош областынын шаарлары жөнүндө кыскача край таануу очерки

Фрунзе «Кыргызстан» 1984

26. 89 (2Ки—2)
Т 51

**Токтогонов Султан ж. б.**

Т 51 Биз жашаган шаарлар: Ош областынын шаарлары жөнүндө кыскача край таануу очерки (Токтогонов С., Айдашев Т., Өмүрзаков С. — Ф.: Кыргызстан, 1984.— 64 бет.

Бул китепчеде Ош областынын шаарларынын экономикалык-географиялык маалыматтары келтирилген.
Окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналган.

Т $\frac{1905040000—68}{М 451 (17)—84}$ 90—84.

913
ББК 26. 89 (2Ки—2)

© «Кыргызстан» басмасы, 1984-ж.

# БИЗДИН ШААРЛАР ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

> ...Шаарлар элдин экономикалык, саясий жана духовный турмушунун борбору жана прогресстин башкы кыймылдатуучуларынан болуп саналат.
>
> *В. И. Ленин.*

Азыркы учурдагы советтик шаар өтө татаал, көп кырдуу, дайыма өнүгүп жана өркүндөп турган организм.

Өздөрүндө өлкөнүн калкынын жана өнөр жайынын басымдуу көпчүлүгүн камтыган шаарлар индустриялык, административдик-чарбалык маанилүү борборлору болуу менен коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө башкы ролду ойнойт.

Советтик экономикалык-географ Н. Н. Баранский, шаарлардын жана райондордун чарбалык көрүнүшүн түзүү жана аныктоодогу ролун белгилөө менен «Шаарлар — территориянын экономикалык каркасы» — деп көрсөткөн.

Шаарлардын аларды курчап турган селолук территорияларга таасири чоң. Шаарлар селону алдыңкы техника жана квалификациялуу кадрлар менен жабдып турат, айыл чарба продукциясын көп талап кылуучу болуп саналат, булар болсо айыл чарба зоналарынын экономикалык адистешине түздөн-түз таасирин тийгизет. Шаарда болсо айыл чарба ж. б. продукцияларды кайрадан иштетүүчү ишканалар топтоштурулат.

Табигый жана климаттык шарттар, тарыхый окуялар, жаңы транспорттук, соода жолдорунун пайда болушу, пайдалуу кендерди иштетүү же энергоресурстарды өздөштүрүүгө байланыштуу экономикалык-география-

лык абалдын өзгөрүшү — мына ушулардын бардыгы шаардын тагдырына таасир этип, анын түрүн аныктайт.

Фергана алдындагы же Түштүк Кыргызстандагы шаарлардын тарыхы жана пайда болушу анын өндүрүштүк күчтөрүнүн тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Фергана өрөөнү — Орто-Азиядагы эң байыртан цивилизацияланган борборлордун, алда канча асылдуу жана калк жыш жайгашкан райондордун бири.

Өзүнүн көп кылымдык тарыхында Түштүк Кыргызстан көптөгөн өзгөрүүлөргө туш болду, анын саясий картасы өзгөрдү. Коңшу мамлекеттер жана чет элдик басып алуучулар гүлдөгөн бай крайга көз артып турушту. Орто кылымдарда ал Чынгызхандын жана Темирландын талкалоосуна учурады. Кокон хандары мында дээрлик бир кылым бийлик жүргүзүп турду.

Түштүк Кыргызстандын Россияга кошулушу тоолуу крайдын турмушунда тарыхый прогрессивдүү ролго ээ болду. Жаңы шаарлар жана калктуу пункттар пайда болду, көчмөндөр-малчылар отуракташышты. Феодалдык бытырандылык жоюлду, элге зор жакырчылык алып келген өз ара кагылышуу токтотулду. Калктын улуттук составы өзгөрдү. Көчүрүлүп келинген орустар жана украиндыктар жерди иштетүүгө, сооданы кеңейтүүгө жардам беришти, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү өнөр жайы өнүгө баштады. Жаңы шаарлар, кыштактар, поселоктор пайда болуп, кийин Совет бийлиги тушунда Кызыл-Кыя, Кара-Суу, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр шаарлары өсүп чыкты.

Азыркы учурдагы цивилизация — өнөр жайы, жашоонун социалдык жаңы шарты, маданият чындыгында да Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин түзүлдү.

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхына бар болгону алтымыш жыл болду. Ушул убакыттын ичинде Ош областынын гана калкы 446,1 миңден 1519,6 миңге жетти — дээрлик 3,5 эсе өстү.

Дүркүрөп өсүүнүн жана сапаттык терең өзгөрүүлөрдүн бардык жагынан алгандагы символу болуп, Ош шаары — азыркы учурда кеңири курулуп жаткан областтык борбор эсептелет. Анын 180 миң калкы бар. Шаар маанилүү экономикалык да борбор: мында жеңил, тамак-аш жана оор өнөр жайынын 25 тен ашык ишканалары жайгашкан. Ал Ош областынын өнөр жайынын дүң продукциясынын 31 процентин берет, бул 270 миллион сомду түзөт.

Азыркы учурдагы Ош — ири маданий борбор. Мындагы педагогикалык институтта Оштун жана башка шаарлар менен селолордун уул-кыздары окушат. Фрунзе политехникалык институтунун филиалы жакшы адистерди даярдап чыгарат. Ошто 13 атайын орто окуу жайлары бар. Жогорку жана атайын окуу жайларында 20 миңге жакын адам окушат.

Азыркы учурда Кыргызстандын түштүгүндө Ош, Кара-Суу, Өзгөн шаарларынын ишканаларын бириктирген Ош өнөр жай түйүнүнүн жаралышы жүрүп жатат. Бул ишканалар Ош областынын өнөр жай ишканаларынын 25 процентин түзүп, дүң продукциясынын 45 процентин берет.

Түйүндүн борбору — Ош республиканын эң эски шаарларынын бири, экономикалык, маданий мааниси жана калкынын саны жагынан республикада экинчи орунда. Өзүнүн минералдык булактары жагынан даңкка бөлөнгөн. Жалал-Абад шаарынын да мааниси жогорулоодо, анда союздук маанидеги, жыл бою иштей турган бальнеологиялык курорт түзүлгөн.

Ош областынын отун ресурстарынын базасында тез темп менен өнүгүп жаткан көмүр өнөр жайы бар. Күрөң жана koксталуучу көмүр Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Сүлүктү, Алмалык шахтерлор шаарларында ачык жол менен алынууда.

Өзгөн шаарынын чет жакасында уникалдуу Өзгөн таш көмүр бассейни бар, анын геологиялык запасы 2

млрд. тоннаны түзөт. Бассейндеги көмүрдүн сапаты жогору, антрацитке чейин жеткен узун жалындуу маркаларга таандык. Бул бассейнди өздөштүрүү Өзгөн шаарынын жана бүтүндөй Ош областынын өсүшүнө жана өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт.

Шахтерлор шаарында өнөр жайы тез темптер менен өнүгүүдө, алардын структурасы өзгөрүүдө, бул көп тармактуу болуп баратат.

Жалал-Абад жана Кызыл-Кыя шаарлары өнөр жай түйүндөрүн түзүү үчүн табигый-географиялык жана транспорттук-экономикалык шарттары, өнүгүү темптери боюнча перспективдүү шаарлар.

Айрым тоо-кен өнөр жай борборлорунун (Таш-Көмүр, Сүлүктү, Көк-Жаңгак) алда канча өсүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Бул группаларда жайгаштырууну өнүктүрүү келечекте аларга орто жана майда, жергиликтүү эмгек жана сырье ресурстарына багыт алган өнөр жай ишканаларын жайгаштыруу базасында гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Кийинки жылдарда электротехникалык өнөр жайы алда канча өнүгүүгө ээ болду. Жарык берүүчү электр лампалары жана изоляциялык лакоткань чыгарылууда. Майлы-Сайдагы «Кыргызэлектроизолит» заводунда такта жана панелдүү электролит өндүрүү өздөштүрүлдү, анын үстүнө бул продукция өлкөбүздө бирден-бир гана продукция болуп саналат. Республиканын эл чарбасы үчүн бул жаңы тармактын борбору. Кыргызстандын азыркы учурдагы жаш шаарларынын бири Майлы-Сай.

Түштүк Кыргызстандын шаарлары өсүүдө, көрктөндүрүлүүдө, жаңы өнөр жай ишканаларынын корпустары көтөрүлүүдө. Ош областында мындан 25—30 жыл мурда болгон адам эми анын шаарларын тааный алышпайт. Эски шаарларды өнүктүрүү жана реконструкциялоо, жаңыларын куруу долбоорлоо-пландоочу жана илимий-изилдөөчү уюмдардын иштеп чыккан генералдык пландары боюнча жүргүзүлүүдө. Мында курулуштун жогор-

ку сапаты гана эмес, ошондой эле жаңы курулуштардын эстетикалык турпаты, күндүн талабына ылайык келиши да эсепке алынат.

Областтын экономикалык өнүгүшүнүн зор перспективалары эл чарбасынын прогрессивдүү тармактарынын — көмүр, нефть, тоо-кен, гидроэнергетика, металл иштетүү, машина куруу, токуу, тамак-аш тармактарынын андан ары өнүгүшүнө байланыштуу. Мына ушунун бардыгы Ош областынын республикадагы салыштырма салмагын жогорулатат, анын шаарларынын андан ары өнүгүшүнө алып келет, эмгекчилердин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатат.

Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн жетекчилери астында Кыргызстандын түштүк шаарларынын эмгекчилери бүткүл совет эли менен бирдикте коммунисттик курулуштун жолунда ишенимдүү түрдө баратат. Болочок бүгүн жаралууда.

Кыргызстан, аны чет өлкөлүк меймандар атагандай, гүлдөп жаткан көрктүү, экономикалык жана социалдык прогресси адам таңкаларлык край жыл өткөн сайын улам көбүрөөк туристтердин көңүлүн бурууда. Түштүк Кыргызстандын байыркы жана жаш шаарларына кызыгуу артууда. Алар жөнүндө кыскача маалымдоого сунуш кылынган очерк баяндайт. Атактуу кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов мындай деп жазган: «... кандайдыр бир шаар жөнүндө, ал турмак өз шаарың жөнүндө баяндоо кыйын. Эмне каалаганыңдын эч болбоду дегенде жүздөн бирин да баяндоого кубатың жетпегендигин дайыма сезип турасың. Шаарлар — бул планетабыздын бейкуттугу да, биздин келечегибиз да» [1].

Окурмандарга сунуш кылынган китепче край таануучуларга, мугалимдерге, туристтерге, пропагандисттерге, окурмандардын кеңири массасына арналат. Ал толуу

---

[1] Чыңгыз Айтматов. Мой чудо-город. «Огонёк» № 11 1966

крайдын жаратылышы, анын тарыхы, Кыргызстандын түштүгүндө жашагандардын эмгектик даңктуу эргүүлөрү менен таанышууга жардам берет.

## ШААРЛАРДЫН КАРЫЯСЫ

Байыркы шаарлардын бири, түбөлүк жаш Ош—республиканын түштүгүндөгү ири өнөр жай, транспорт жана маданий борбор. Ал Ак-Буура дарыясы аймаган Ош — Кара-Суу оазисинин түштүк-батышын ээлейт. Ак-Бууранын жээгинде, тоо этегиндеги түздүктө ал деңиз деңгээлинен 900 метрден 1070 метрге чейинки бийиктикте жайгашкан. Түштүктөн түндүктү жана түндүк-чыгышты көздөй шаар территориясы 12 километрге созулат. Ар бир миң метрине ал орто эсеп менен 11,7 метр төмөндөйт.

Ак-Буура дарыясынын кашаттарында (алты террасасында) жаткан жердин рельефи бир аз өйдө-ылдый. Оштун батыш жаккы четин түзгөн Жапалак чуңкурчасынын үстү да ошондой. Түндүктү көздөй шаар территориясы төмөндөйт жана кеңейет. Ош аймагынын морфологиялык өзгөчөлүгү Фергана өрөөнүн кыялап өткөн аскалуу Алай тоо тармагы болуп саналат. Ал «Ош тоолору» деп аталып түндүк-батышты карай 35—40 километрге созулуп жатат. Алардын бири Сулайман тоосу (революцияга чейинки тарыхый-географиялык эмгектерде кээде «Сулайман тактысы» делип жүрөт) Оштун так борборунда шаар пейзажына кайталангыс түр берип турат. Ал анча бийик эмес — бар болгону деңиз деңгээлинен 1166,5 метрге көтөрүлөт. Тоо тармагынын узундугу батыштан чыгышка карай —1,5 км, туурасы—120 метр. Сулайман тоосуна Алай кырка тоолорунун жалтыраган чокулары, пахта талаалары, бак-даракка, жүзүмдүккө чөмүлгөн кыштактар, албетте, Оштун так өзү да көз жоосун алат.

Оштун климаты континенттүү, жайы узак, ысык жана кургак, кышы кыска, мелүүн, нымдуу. Климат жыл мезгилдери жана сутка ичинде да кескин өзгөрүп турат. Жылдык орточо температурасы +11,2+11,5 градус, июлда+24,5, январда —2,5—3,0 градус; июлдагы максималдуу температура түштө +36+39 градуска жетет, ал эми эң төмөнкү температура (—25—25,6 градус) декабрдын экинчи жарымында жана январдын башталышында кезигет.

Коңшулаш Фергана, Анжыян, Кокон шаарларына караганда Ошто жаан-чачын бир кыйла көп. Жаан-чачындын орточо өлчөмү—360—400 мм. Анын 50% жазында, 25% күзүндө жана 10% жайында жаайт.

Жалпысынан алганда климат жылуулукту сүйгөн өсүмдүктөрдүн өсүшү үчүн да, шаардык курулуштун мүдөөсү үчүн да жагымдуу.

Оштун аймагы Ак-Бууранын суусун ичет. Андан Папан капчыгайынан ылдый 14 магистралдык каналга чыгарылган. Алар Ош жана Ош — Кара-Суу оазисиндеги чарбаларды агын суу менен камсыз кылат.

Жер алдындагы суулардын шаар чегинде мол кезигиши шаарды гана эмес, сугат системаларын да суу менен жабдууга кошумча мүмкүнчүлүк түзөт.

Шаардын территориясында жана аның чет жакасында кадимки боз топурак үстөмдүк кылат. Ал бир-эки метрге жеткен калың кыртыштарды түзөт. Көп кылымдардан бери сугат жери болгондуктан боз топурактуу кыртыштар агромелиорациялык жана структуралык өзгөрүүлөргө учураган.

Жаздын күнү кыртыш нымдуу болгондуктан шаардын тегерегиндеги адырларда түрдүү өсүмдүктөр кулпунат. Тоо этектери кооз килем төшөп койгондой көңүлдү тундурат. Бирок майдын аягында, июндун башында эле ландшафт кескин өзгөрө баштайт. Ачуу тийген күн чөптү кууратат, айрым түзөң жерлердин кыртышы жарылып, адырлар саргаят. Шаардын ички көрүнүшү— бак-

дарагы, гүл, газон пейзажы өзүнүн көркүн көпкө чейин сактайт. Күндүн ысык болушу пахта өстүрүүгө, бакчылык жана жүзүмчүлүккө, жибекчиликке жана коон-дарбыз өстүрүүгө кеңири мүмкүндүк түзөт.

1871-жылы Ошко келген белгилүү орус окумуштуусу, саякатчы А. П. Федченко аны «шаар алыстан заңкайган тоолордун амфитеатрына курчалган,.. мелүүн, жагымдуу климаты, жакшынакай суусу менен айырмаланат» деп мүнөздөгөн.

## Ош шаарынын тарыхынан

Ош шаары—өлкөбүздүн байыркы шаарларынын бири. Ал жөнүндө биринчи жолу IX кылымдагы эмгектерде эске салынат. Бирок археологиялык маалыматтарга караганда Ош шаарынын территориясында биринчи жолу отурукташкан адамдар биздин заманга чейин II—I кылымдарга туура келгендигин далилдейт, демек анын тарыхына 3000 жыл болгондугун көрөбүз.

Араб саякатчылары менен географтарынын күбөлөндүргөнүнө караганда 10-кылымда Ош Фергана өрөөнүндөгү көлөмү боюнча үчүнчү шаар болгон. Ал тоо этегиндеги бай шаар жана арык тармактары кеңири тараlган жагымдуу жер катары мүнөздөлөт.

XIII кылымда шаар моңголдук басып алуучулар тарабынан кыйратылган. XIV кылымдын аягында Ош Тимурдун кеңири империясына кирген. Дээрлик бийликке келген ар бир башкаруучу шаарды тоноп, кыйратып, ал эми калкын кырып турган. Бирок шаар урандылардан кайра-кайра жарала берген.

XV кылымда Ош эл аралык транзиттик кербендер жолунун трассасындагы маанилүү соода борборунун бири болгон. Ал аркылуу ар кайсы өлкөнүн көпөстөрү Түркстанга, Афганистанга, Кытайга, Индияга барып турушкан. Өзүнүн «Бабур-наме» (XVI кылымдын 20-жылдары) деген эмгегинде Бабур султан, Ош жибекчилик-

тин жана кол өнөрчүлөр өнөр жайынын борбору, деп жазган. Өзүнүн соода жагынан маанилүүлүгүнөн тышкары да шаар мусулман дининин борбору, өзүнүн «ыйык» тоосу Сулайман тактысы аркылуу экинчи Мекке катары эсептелген, Орто Азиянын жана Қашкариянын бардык жактарынан көп сандаган сыйынуучулар келип турган. Революцияга чейин Ошто жүзгө жакын мечит болгон.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Ош Қокон хандыгынын составына кирип, мурдагысындай эле Тянь-Шань жана Темир-Алай көчмөн райондорунун босогосундагы соода борбору, маанилүү чеп болуп кала берген. Буга шаардын ыңгайлуу географиялык абалы жол ачкан. Аны таяныч пунктуна айландыруу менен кокон хандары Кыргызстандын, Памир-Алайдын тажиктеринин айрым урууларын басып алып турган. 19-кылымдын биринчи жарымынын ичинде кокондуктар Қыргызстандын көп райондорун багындырган.

1876-жылы Қокон хандыгы кулагандан кийин, Ош Россия империясына кошулган. 80-жылдардын башталышында Ак-Бууранын сол жаккы жээгинде жаңы Ош — Ферганалын чыгышындагы маанилүү форпост, уезддердин биринин борбору пайда болду. Бул жерде курулуш аскердик гарнизон жайгашкан сепил куруудан башталды. Анын катарына орус чиновниктери жана аскерлер үчүн анчалык көп эмес администрация мекемелери, турак жайлары жайгашты. Сепилдин дарбазасынан алыс эмес жерге чиркөө (азыр № 1 маданият үйү) курулду. Андан соң Ак-Бууранын боюна парк түзүлдү. Крепостко жакын турган жердеги жакшы кварталдар бышкан кирпичтен салынды, калгандары чийки кыш, каркас, момолок баткактан курулду.

Крепосттун батыш жагына соода катарлары, көп сандаган вино дүкөндөрү, кабактары бар Жогорку базар жайгаштырылган. Жашыл дарактар жана суу көп болгондуктан шаардын бул бөлүгү көрктүү, планиров-

касы туура, көчөлөрү таза, кең эле, көчөнүн эки жагына бийик теректер, кара жыгачтар өзгөчө көрк берген. Карапайым жупуну үйлөр казармалардын, уезддик мекемелердин, сейрек магазиндердин имараттары ортосунда жайгашты.

Жаңы шаарга караганда эски Ош жашоо шарты, курулуштары, социалдык кубулуштары жагынан феодалдык доордогу азиялык шаарлардын типтүү үлгүсү болуп кала берген. Саман кирпичтен салынган үйлөр, ийри-буйру тар көчөлөр, арыктагы киргил суудан ичүү, уу-чуулу базар эски Оштун мүнөздүү белгиси болгон.

1897-жылдагы эл каттоонун маалыматтарына караганда Ошто 34,2 миң адам жашаган, алардын көбү өзбектер болгон; орустар жана украиндыктар (негизинен гарнизондогу солдаттар, офицерлер, майда чиновниктер, соодагерлер) 400 гана адам болгон.

17,7 миң оштуктун кирешеси негизинен айыл чарбасынан түшкөн, 8 миң адам майда кол өнөрчүлүк жасашкан, 4,6 миңи соода кылышкан. Мусулман дининин жүздөгөн өкүлдөрү «Ыйык» тоодогу Сулайман тактысынан түшкөн кирешенин эсебинен жашаган. Тоо этегинде молдолор, шайыктар жана алардын малайлары бүтүндөй бир квартал үйлөрдү куруп алышып, сыйынуучуларды кабыл алып акча төлөтүп, курмандыкка чалынган малынын этин, терисин сатышкан.

1913-жылы Ошто кубаттуулугу 280 квт эки электр станциясы, май жасоочу жана пиво кайнатуучу 2 завод болгон, алардын өндүрүшү 1200 сомду түзгөн, навайкана, айнек заводу (1970 сомдук), кирпич заводу (900 сомдук), тегирмен-вальцовка-механикалык кыймылдаткычы бар биринчи ишкана болгон. Эски кебезди тазалоочу, шам жасоочу, ичеги иштетүүчү, май эритүүчү, күрүч тазалоочу, жүн, тери иштетүүчү, жибек түрүүчү жана боёочу, металл иштетүүчү, кийим тигүүчү мастерскойлор иштеген. Алардын бардыгы жеке менчиктеги анчалык чоң эмес ишканалар болгон.

Маданий-агартуу жагында китепкана, коммерция клубу, аскерлер үйү, парк, китеп дүкөнчөсү жана алты окуу жайы иштеген. Алардын катарына чиркөө-дин, орус-улут окуу жайлары жана 4 мусулман мектеби болуп, аларда байлардын, молдолордун, көпөстөрдүн жана алып-сатарлардын балдары окуган.

Бүтүндөй уездге бир аптека жана Ошто 15 орундуу амбулатория лазарети болуп, аны эки врач, акушерка, үч фельдшер жана дагы үч адам тейлеген. Калкты медицина жагынан тейлөөгө жылына бар болгону 3320 сом, мектепке 478 сом берилген. Ошол эле учурда жалгыз гана оштук приставга жылына 2400 сом төлөнгөн.

Оштун эмгекчилери жакырчылыкта жана караңгылыкта жашашкан. Сабатсыз, басмырланган калк мусулман динчилеринин талабы боюнча мечитке өздөрүнүн эмгектик кирешелеринин көбүн төлөп турушкан. 100 мечит, 54 медресе, эки чиркөө — мусулман жана христиан дининдегилердин революцияга чейинки Оштогу тиреги мына ушулар болгон.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы Ошту ушундай абалында көрдү.

Кыргызстандын территориясында падышалык бийликти жок кылгандан кийин Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштө чоң роль ойногон эмгекчилердин массалык уюмдары пайда боло баштады.

1917-жылы 21-августта (3-сентябрда) Ошто кыргыз жана өзбек жумушчулары мусулман жумушчу депутаттарынын Советин түзгөн, ал 10 күн өткөндөн кийин 1917-жылы апрелде түзүлгөн жумушчулар жана солдаттар депутаттарынын Ош Советине бириккен. Бирок жыл аягына чейин Ош Советинин башында эсерлер менен меньшевиктер турган.

### Ош шаары Совет бийлигинин мезгилинде

1918-жылдын январынын орто ченинде болуп өткөн кайра шайлоодо Ош Совети бүт большевиктердин же-

текчилигине өткөн. Ага Александр Аношин башчылык кылган.

Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигинин орнотулушу байыркы Ош шаарынын тарыхына жаңы доорду ачты. Лениндик декреттерди турмушка ашыруу менен шаардын партиялык органдары жана бийлик органдары жерсуу реформасын, өнөр жай ишканаларын, мекемелерин жана банктарды мамлекеттин колуна өткөрүүнү, элге билим берүү жана саламаттык сактоо боюнча реформаны ишке ашырышты.

Партиялык уюм жана текшерүү комиссиясы эмгекчилерди мобилизациялоо менен советтик түзүлүштүн таптык душмандарына — бай-кулактык козголоңчуларга, басмачыларга жана башка элементтерге каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүштү. А. К. Добрынин жетекчилик кылган Ош кызылгвардиялык отряды басмачылар үчүн дайыма коркунуч түздү.

1920-жылы 20-майда Ошко М. В. Фрунзенин келиши эмгекчилердин турмушундагы маанилүү окуя болду. Мында ал партиялык актив өткөрдү, шаарлыктар жана гарнизон бөлүктөрү алдында митингилерде бир нече жолу сөз сүйлөдү. Анын Фергана областына келиши басмачыларды тезинен талкалоо ишинде чоң роль ойноду.

Оштуктардын жана ферганалык башка шаарлардын отряддарынын Кызыл Армиянын бөлүктөрү менен 1920—1923-жылдардагы биргелешкен аракеттеринен улам басмачыларга кыйраткыч сокку урулду, жана да 1924-жылы Фергана өрөөнүндө басмачылар биротоло жок кылынды жана Ош уездинин территориясы бүт бошотулду.

Басмачыларга каршы согушта, душмандарга каршы салгылашууда элдин бактысы үчүн, коммунизм үчүн оштук көп адамдар өмүрүн курман кылышты. Алардын ысымдары менен көчөлөр аталууда, Оштун борбордук скверинде Түбөлүк от жанды жана мрамордуу тактадагы

граждандык согуштун активдүү катышуучуларынын жазылган ысымын ал от жаркыратып көрсөтүп турат.

Граждандык согушту жемиштүү аякташып, басмачыларды талкалап, оштуктар өз шаарын калыбына келтирүүгө жана экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүгө киришти.

20-жылдардын аягында жибек түрүү фабрикасынын, жемиш-консерва, вино, нан заводдорунун, электр станцияларынын коллективдери социалисттик куруруштун пионерлери болуп калышты. Согуштун алдындагы беш жылдыкта жана Улуу Ата Мекендик согуштун жылдары ичинде Ошто бир катар жаңы ишканалар —кирпич, пахта тазалоочу, мотор ремонттоочу, куюу-механикалык заводдор, кийим, бут-кийим фабрикасы, көп сандаган артелдер пайда болду. Жумушчу табы өстү жана өнүктү. Ош Кыргызстандын түштүгүнүн өнөр жай жана маданий борбору болуп калды. Бүткүл Совет эли сыяктуу эле оштуктар да согуш жылдарында бүткүл күч-кубатын каргыш тийген душманды жок кылууга жумшашты.

1929-жылы Ош шаары аты уйкаш райондук, ал эми 1939-жылы 21-ноябрдан Ош областынын административдүү борбору болду.

Азыр шаарда 350дөн ашык союздук, республикалык, областтык жана шаардык ишканалар, мекемелер жана уюмдар бар.

Токуу, металл иштетүү тармагы шаардык өнөр жайында алдыңкы болуп саналат, бул эки тармак жумушчулардын саны жана дүң продукция берүү боюнча биринчи орундарды ээлейт. Курулуш материалдарын, отун-энергетика, азык-түлүк жана башка өнөр жайлары өнүккөн. Оштун ири 22 ишканасы азыркы учурдагы эң жаңы техника менен жабдылган, областтык бүткүл өнөр жайынын дээрлик үчтөн бирин чыгарат, жылдык орточо дүң продукциясы 320 млн. сомго жакын. Ош маркасындагы жибек жана пахта кездемелери, артезиандык электр насостору, пахта буласы жана башка продукция-

лардын түрлөрүн биздин өлкөбүздө гана эмес, чет өлкөлөрдө да билишет.

КПССтин XXVI съездинин, КПСС БКнын май жана ноябрь (1982) Пленумдарынын чечимдерин турмушка ашыруу жана республикабыздын даңктуу юбилейин тосуп алуу менен Оштун эмгекчилери 11-беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү аякташат.

Оштогу Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтадан кездем токуу бирикмеси 1967-жылы ишке киргизилген. Бул Орто Азиядагы эң ири токуу өнөр жай ишканасы. Бирикме ээлеген 38 га аянтга анын эки жип ийрүү-токуу фабрикасы жана боёо фабрикасы жайгашкан. Цехтери азыркы учурдагы техника менен жабдылган. Өндүрүшү жылына 100 млн. погондук метр кездеме чыгарууга эсептелген. Азыр бул ишканаларда 40 улуттан турган 12 миң жумушчу, техник, инженер иштейт. Кыргыздар менен өзбектер, орустар менен украиндыктар, казактар менен татарлар, тажиктер менен уйгурлар, армяндар менен азербайжандар жана башка улуттардын өкүлдөрү комбинаттын бирдиктүү, ынтымактуу коллективи болуп саналат.

11-беш жылдыктын акырында пахтадан кездеме токуп чыгаруу 482,5 млн. погондук метрге жетет. 1982-жылда гана өнөр жайы даяр кездемелерди 91 млн. погондук метрден көп чыгарды.

Алардын ичинде СССР Жогорку Советинин депутаты А. Кадыркулова, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, партиянын Ош обкомунун мүчөсү Г. Качкынова, көп станокто иштөө кыймылынын демилгечиси, Ленин орденинин кавалери Л. С. Волкова ж. б. бар.

1978-жылы ВЛКСМ атындагы Ош жибек комбинаты өзүнүн жарым кылымдык юбилейин белгиледи. 10 миллиондон ашык погондук метр таза жана жасалма жибектен токулган кездемени ата мекендик жана чет өлкөлүк керектөөчүлөргө жыл сайын жиберип турат, кездеменин көп үлгүлөрүнө Мамлекеттик Сапат белгиси ыйгарылган.

Комбинат кубаттуулугу жылына 30 тонна гана жибекти түзгөн жибек түрүүчү анчалык чоң эмес фабрикадан өсүп чыккан. Улуу Ата Мекендик согуштун тушунда ал жогорку механизацияланган ишканага айланган. жылдан-жылга биринчи сорттуу жибек кездеме чыгаруу көбөйүүдө. Эгерде 1965-жылы 15 наамдагы кездеме чыгарылган болсо, он жылдан кийин 24 түрү чыгарылат. Жакында эле мында ацетат жибегинен дагы бир нече түрлүү кездемени токуу өздөштүрүлдү.

Кыргыздын улуттук оюусу түшүрүлгөн кездемелерди сатып алуучулар көп талап кылууда. Оштун крепдешиндери, «Айгүл», «Жамал», «Леся» деген жибек кездемелери, таза жибектен токулган «Ай сулуу», «Айжан», «Салкын» жана башка кездемелер калкка кеңири керектелүүдө. 1978-жылы жибек комбинаты эң сонун көркөмдөлгөндүгү үчүн СССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө алтын медаль алууга татыктуу болгон. Ош кездемелери Советтер Союзунун бардык бир тууган республикаларына жиберилүүдө. Репстер, көйнөктөр, костюмдук кездемелер ж. б. түрлөрү Италияга, Голландияга, Чехословакияга, Швейцарияга, Польшага жана Англияга чыгарылууда.

Азыркы учурда комбинат кезек-кезеги менен кайрадан жабдылып турган ишкана. Механикалык жогорку өндүрүмдүү чөлмөксүз пневматикалык станокту колдонуу менен кездеме чыгаруу дээрлик эки эсе көбөйдү. Азыр продукцияны реализациялоо көлөмү жылына 57740 миң сомду же шаардын жалпы өнөр жайын реализациялоонун 17,2 процентин түзөт.

Металл иштетүү өнөр жай ишканаларынын ичинен насос заводу эң ирилерден, Советтер Союзунда экинчи ишкана болуп эсептелет, ал Ош мотор ремонттоо жана куюу-механикалык заводдун базасында 1959-жылы пайда болгон. Анын негизги продукциясы — артезиандык электр насостору. Ишкананын конвейеринен ар кандай маркадагы — ЭНВ 6—16—50, ЗЭЦВ 6—16—50 ж. б. на-

состор чыгат. Мында кубаттуу, саатына 160 куб метр сууну жогору бийиктикке бере турган агрегат өздөштүрүлгөн. 1980-жылы Ош насос заводу 38 миң электр насосун чыгарган, ал эми беш жылдыкта 178 миң даана чыгарылат. Мындан ары насос заводун кайрадан куруу жана кеңейтүүнүн эсебинен чоң диаметрлүү насосторду чыгаруу көбөйтүлөт.

Үстүбүздөгү беш жылдыктын жылдары ичинде завод 223,5 метр тереңден соруучу электр насосторун жасап чыгарат.

Ош насосу чоң химиянын ишканаларында пайдаланылат, Казакстандын дың жердеги совхоздорунун, Батыш Сибирдин, Ыраакы Чыгыштын, Орто Азия жана Балтика боюндагы республикалардын талааларында иштеп жатат. Аларды Монголия менен Кореядан, Вьетнам менен Ирактан, Сириядан, Алжирден, Мароккодон, Ливандан көрүүгө болот.

Азыр завод өзүнүн машиналарын Советтер Союзунун, 20 чет өлкөнүн 1200 адресине жөнөтүп турат.

Шаардын курулуш индустриясындагы эң ири ишкана болуп Ош өндүрүштүк «Ош курулуш материалдар» бирикмеси эсептелет, ал кирпич, акиташ, керамзит кумун, ар кандай фракциядагы шагыл жана кум ж. б. продукцияларды чыгарат. Ошто кирпич чыгаруу 1950-жылдагы 5,5 миллион даанадан 1980-жылы 78,9 миллион даанага чейин өскөн. 1963-жылдан тартып шаарда ири панелдүү үй куруу заводу иштеп жатат.

Жылына 1000 автомобилди жана 2100 комплект кыймылдаткычты капиталдык ремонттоочу кубаттуулугу бар автомобиль ремонттоочу завод, ошондой эле шина ремонттоочу завод иштейт.

Шаарда Кыргызстандын түштүгүндөгү эң ири эт комбинаты бар, анын өндүрүмдүүлүгү жылына 560 тонна куш этине барабар, бир эле учурда 34 камералуу муздаткычта 3,5 миң тонна эт продукциясы сакталат.

Шаарда жашылча-жемиш консервасын жасоочу за-

вод иштейт. 1982-жылы гана 1,5 млн. банкадан ашык банка жемиш консервасы чыгарылган. План 171 процентке аткарылган, 3,5 млн. банка ар түрдүү жашылча консервасы даярдалган. Жакынкы жылдарда завод жашылча салаттарын, жаңгак вареньесин даярдоону өздөштүрүүнү белгиледи.

Пахта тазалоочу жана асфальт-бетон жасоочу ири заводдор, темир-бетон конструкциясын даярдоочу завод, үй куруу жана курулуш материалдарын чыгаруучу завод, мебель фабрикасы, бут кийим жана кийим тигүүчү ишканалары, элдик көркөм өнөрчүлүк бирикмеси ж. б. иштейт.

Кийинки он жыл ичинде шаардын өнөр жай продукциясын чыгаруу көлөмү 2,5 эседен ашык көбөйдү. 1982-жылы шаар 316 млн. сомдук өнөр жай продукциясын берген.

Ош Фергана энергетикалык алкагынын жогорку вольттуу линиясына кошулган, өзүнүн кубаттуу жылуулук электр централы бар, табигый газ өнөр жай жана коммуналдык-тиричилик керектигине пайдаланылат.

Кийинки жылдар ичинде шаардын өнөр жайы сан жагынан гана эмес, сапат жагынан да жогорулоодо, чыгарылган продукциянын ассортименти артууда. Шаардын жалпы өнөр жай ишканалары азыр 27 түрдөгү буюмду Мамлекеттик сапат белгиси менен чыгарды. Беш жылдыктын жылдары ичинде областтык борбор — Ош республиканын кубаттуу өнөр жай базасы болуп калды. Байыркы Ош жыл сайын гүлдөп жана жашарып бара жатат.

Он биринчи беш жылдыкта шаардын өнөр жайын андан ары өнүктүрүүдө чоң жана маанилүү милдеттер турат. Насос заводун кайрадан конструкциялоо аяктады. Мунун өзү 1990-жылы 90 миңге чейин насос чыгарууга мүмкүндүк берет, 1980-жылга салыштырганда 2,5 эсе көп чыгарыла баштайт. Ош жибек комбинатынын боёк салуу кооздоо өндүрүшү биротоло кайрадан конструк-

цияланат, элдик көркөм өнөр жай промысели курулуп бүтөт. Үстүбүздөгү беш жылдыкта сүт комбинаты андан ары кеңейтилет, жашылча-жемиш консерва өнөр жайы дагы өнүгөт. Жаңыдан мөмө-консерва заводу ж. б. курулат. Эл кеңири керектөөчү жергиликтүү товарларды чыгаруу үчүн жергиликтүү сырьё, өнөр жай калдыктары көп пайдаланылат. Пахтадан кездеме токуу бирикмеси жана ЖБИ-4 заводу ж. б. кайрадан конструкцияланат.

Ошто өнөр жайынын өсүшү менен калктын саны да өсүүдө —азыр 180 миңден ашык киши жашайт (1939-жылы 33,7 миң киши жашаган).

Шаардын ишканалары жана мекемелеринде 85 улуттун өкүлдөрү ынтымактуу үй-бүлөдөй болуп эмгектенүүдө. Жумушчу табынын саны алда канча өстү, 1982-жылы алар 52 миң адамга жетти, ал эми коомдук өндүрүштө бардыгы болуп 76 миң жумушчу жана кызматчы эмгектенет.

## Маданий курулуштагы жана эмгекчилерди коомдук тейлөөдөгү ийгиликтер

Совет бийлигинин жылдарында элге билим берүүдө зор ийгиликтер жетишилди. Шаарда жалпы билим берүүчү 30 мектеп жана мектеп-интернат бар, аларда 32 миңден ашык бала окуйт. Жогорку жана атайын орто билимдүү 900 мугалим сабак берет. Оштун мектеп окуучуларын окутууга мамлекет жылына 6250 миң сом жумшайт. Педагогиялык жана музыкалык окуу жайлары совхоз-техникум, соода, курулуш жана автомобиль-жол техникумдары, соода-кулинария окуу жайы, профессионалдык-техникалык төрт окуу жайы, музыкалык үч мектеп, мугалимдердин билимин өркүндөтүү мектеби бар. Фрунзедеги жеңил өнөр жай техникумунун, Фрунзе политехникалык институтунун филиалдары, марксизм-ленинизм кечки университети иштейт.

Шаардын маданий жана илимий турмушундагы Мамлекеттик Ош педагогикалык институтунун мааниси зор. Ал 1939-жылдан иштей баштаган мугалимдер институтунун базасында 1951-жылы ачылган... Анын физика-математика, филология (орус тили жана адабияты, кыргыз тили жана адабияты), биология жана музыка, башталгыч билим берүү педагогикасы, чет тилдер факультеттери бар.

1980-жылы алты факультеттин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө 6 миңден ашык студенттер—колхозчулардын, жумушчулардын жана кызматчылардын уул-кыздары, 20 улуттуң өкүлдөрү окушкан. Эгерде институт уюшулганда бар болгону 45 окутуучу, анын ичинен алтоонун гана илимдин кандидаты деген наамдары болсо, азыр 34 кафедрада 400 окутуучу иштейт, булардын ичинен илимдин эки доктору, 102 кандидаттары жана доценттери бар. 1970-жылдан тартып даярдоо бөлүмү ачылып, жылына 150 киши кабыл алынат. Иштей баштагандан бери институт 17 миңден ашык жаш адистерди даярдап чыгарып, алар областтын бардык мектептеринде жана андан сырткары жерлерде эмгектенип жатышат.

Институттун төрт окуу корпусунда жакшы жасалгаланган окуу аудиториялары, лабораториялары жана кабинеттери азыркы учурдагы жабдуулар жана приборлор менен жабдылган. Институтта окуу, спорт залдары, китеп фондусу жарым миллион болгон китепкана иштейт. Көп кабаттуу студенттик жатакана, ашкана бар, профилакторийде жыл сайын 700 студент эс алып ден соолугун чыңдайт. Институтта спортук-эс алуу лагери — Арсланбап жаңгак-жемиш массивинин токоюндагы «Кызыл-Үңкүр» деген кооз жерде жайгашкан.

Техникалык кадрларды даярдоодо Фрунзедеги политехникалык институттун филиалы чоң роль ойнойт. 1963-жылы уюшулган кечки жалпы техникалык факультет өткөн жылдар ичинде окуу материалдык базасын алда канча чыңдады. Факультетте 40 окутуучу иштейт, алар-

дын жетөө илимдин кандидаттары. Факультет өнөр жай жана граждандык курулуш, автомобиль чарба адистерин даярдайт.

Совет бийлигинин жылдары ичинде шаардын калкын медициналык жактан тейлөө ченемсиз жакшырды. Илгери чечек, тиф, безгек, ич өткөк, полиомелит оорулары көптөгөн адамдардын өмүрлөрүн кыйып кеткени тиги Оштун карыяларынын эсиндедир. Буга таң калууга болбойт, анткени ал кезде медицина эмчи-домчулардын колунда болгон. Улуу Октябрь революциясына чейин Ошто бир адамды дарылоого орто эсеп менен 12 тыйын жумшалган. Азыр 12 оорукана, 2350 орундуу төрөт үйү, бир нече аптека оштуктардын ден-соолугунун сакчылыгында турушат. Аларда 2370 медицина кызматкери, алардын ичинен 640 врач иштейт, 1980-жылы ар бир оорулууну дарылоого орто эсеп менен 20,6 сом жумшалган. 400 орундуу көп профилдүү балдар ооруканасы жана 486 орундуу Ош ооруканасы курулуп бүттү. Алар эң жаңы медициналык жабдууларга ээ.

Мектепке чейинки балдар өзгөчө камкордукка алынган. Шаарда 55 балдар бакчасы жана ясли бар, аларда 18 миң бөбөк тарбияланат.

Оштогу тоо-климат тибиндеги эс алуу үйү кеңири белгилүү. Ал шаардын түштүк-чыгыш тарабына жайгашкан. Имараты бак ичинде, Ак-Буура суусунун жээгинде, микроклиматы сонун. Мында өтө ысык учурда мелүүн жел согуп турат. Ар кайсы учурда ар кандай аталып келген. Азыр Ош эс алуу үйү деп гана жөнөкөй аталып, жыл бою иштейт. 1980-жылы мында 12 миңден ашык адам ден соолугун чыңдаган, бул 1945-жылдагыдан төрт эсеге көп. Кышкы мектеп каникулу тушунда эс алуу үйү кышкы пионер лагери катары иштейт.

Областтык жана шаардык китепканалардын китеп фонддулары өтө көп. Алардын окурмандар залында конференциялар, адабий кечелер, шаардын белгилүү адамдары, акын, жазуучулар менен жолугушуулар дайыма

өткөрүлүп турат. Шаарда массалык дагы 25 ведомстволук китепкана иштейт. Оштун китеп достору өлкөнүн көптөгөн китепканалары менен байланыш түзүп, китеп алмашып турушат.

Азыркы учурда Ошто областтык үч газета —«Ленин жолу», «Ленинский путь», «Ленин юли» кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгып турат. Токуу бирикмесинде жана жибек комбинатында өзүнүн көп тираждуу газеталары чыгат.

Радио байланышы кеңири өнүккөн, шаарды Фрунзеге кошкон радиорелейлик байланыш түзүлгөн. Азыр шаардан радиоприемниги, телевизору жок үй табуу кыйын. Оштун жана Ош областынын жашоочулары көгүлтүр экрандан Москва, Ташкент, Фрунзе шаарларынын программаларын түз эле алып көрүшөт. 1970-жылдан бери «Ош» телестудиясы иштейт. Телеборбор—бул Ленин ордендүү Ош областынын экономикасын жана маданиятын мындан ары да өнүктүрүүнүн кеңири программасынын бир бөлүгү болуп саналат.

Шаардык маданият үйүндө, профсоюздук 14 клубда профессионалдык эстрада жана өздүк көркөм-чыгармачылык коллективдеринин концерттери көрсөтүлүп, эс алуу кечелери, ар кандай темада лекциялар өткөрүлөт.

Областта чыгармачыл уюмдар өсүп чыкты. Ош шаарында Кыргызстан жазуучулар союзунун жана Сүрөтчүлөр Союзунун Ош бөлүмү иштейт.

Шаарда кеңири экрандуу беш кинотеатр, өнөр жай жана курулуш уюмдарында 22 киноустановка иштейт. Стационардуу «Спутник» цирки иштеп, анын аренасында Ош театрлары сыяктуу эле, Москванын жана башка шаарлардын цирк өнөрүнүн чеберлери келип турушат.

Шаардыктардын сүйгөн эс алуучу жайлары болуп шаардык үч парк, алты сквер эсептелет, алар шаарда 50 гектар аянтты ээлейт, футбол талаасы, спорт аянтчалары, чуркоочу жолдору менен шаардык стадион бар. 1979-жылдын башталышында 50 метрлик сууда сүзүү

бассейни, кеңири ойноочу залы, теннис корту бар балдардын спорттук комплекси эки залы менен кошо пайдаланууга берилген. 1966-жылдан бери Ошто мамлекеттик аткана, ипподрому менен кошо иштейт, жыл сайын мында кызыктуу майрамдар өтөт, аттар сыналат.

Шаардык транспорт жыл сайын өнүгүүдө. Шаардын бир чекесинен экинчисине чейин бүт ыңгайлуулугу бар автобустар, жеңил жана маршруттук таксилер жүрүп турат. Азыркы учурда Ошто автобустук он төрт маршрут боюнча 120 автобус, 250 жеңил жана жүк ташуучу такси иштейт. Автобус токтоочу 42 аяндама курулган. Маршруттардын жалпы узундугу 300 километрге жакын.

Онунчу беш жылдыктын аягында шаар боюнча жүргүнчүлөрдү ташуу 25 процентке өстү жана жылына 55 миллион жүргүнчү ташылат. 1975-жылдын аягында Ошто биринчи троллейбус линиясы — он эки километрлик трасса ишке киргизилип, токуучулар шаарчасынан шаардын түштүк-чыгышын карай созулган. Бул иш улантылууда. Он биринчи беш жылдыктын аягында троллейбус 40 километрлик маршрутта жүрөт.

Шаардык транспорт күн сайын 10 миңге жакын жүргүнчү ташыйт. Оштогу эң узун маршрут 30 километрге жетет. 1974-жылы областтык борборду айланып өткөн Ош — Кара-Суу автотрасса ишке киргизилген.

Областтык борбор райондук борборлор менен асфальт жолдору аркылуу кошулат. Оштон Тоолуу Бадахшанга атактуу Памир тракты — «өмүр жолу» кетип, Таджикстандагы бийик тоолуу область менен байланыштырат.

1965-жылы узундугу 600 километрге созулган Фрунзе — Ош автомагистралы ачылып Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүн кошту. Эгерде мурда Оштон республиканын борборуна жүк ташуучу автомобилдер бир жарым суткадан кем эмес убакыт жүрсө, азыр бул убакыт эки эсе кыскарды. Ошондой эле Памир тракты (Ош — Хорог) сыяктуу эле, Ош — Фрунзе магистралынын бүткүл союздук мааниси бар. Автомагистралдар боюнча

жүк тынымсыз ташылат. 1982-жылы Оштун автопаркы 1949-жылга салыштырганда 8,5 эсе, ал эми автобустардын саны 12 эсе өскөн. 1985-жылдын аягында автомобиль транспорту дээрлик 3 эсе көбөйөт. «ҚамАЗ» автопоездинин жаңы гаражы ишке киргизилет, шаардын сыртына жүк ташуучу бир катар автобазалар курулат.

1929-жылы бул жерге Қара-Суу (22 км) станциясынан темир жол линиясы төшөлгөн. Ошто темир жол аркылуу көмүр, нефть, металл өнөр жайы жана айыл чарбасы үчүн токой жана курулуш материалдары, айыл чарба жер семирткичтери, азык-түлүк келип турат. Оштон пахта, тамеки, кездеме, электр насостору жана башка продукциялар жөнөтүлөт. Ош станциясына азыр жалпы жүк обороту 1940-жылга салыштырганда 6,5 эсе көбөйгөн. Қийинки жылдары темир жол станциясы реконструкцияланган, жаңы жол төшөлүп, жүк жүктөө-түшүрүү иштери механизацияланган. Шаардын түндүк жагында, бир катар өнөр жай ишканалары бар районго жаңы Ош-II темир жол станциясы курулган, ал жүк ташууну көбөйтөт.

Ошко биринчи жолу 1928-жылы 10—21 самолету келип конгон. Эки жылдан кийин Орто Азия «Трансавиациясы» Ташкент аркылуу Фрунзе — Ош жүргүнчүлөр авиалиниясын ачты. 1934-жылы дайыма каттоочу Фрунзе — Рыбачье — Нарын — Аг-Башы—Өзгөн— Ош маршруту, кийинки жылы Фрунзе— Ош маршруту ачылды.

1963-жылы 12-июнда Ош аэропортуна, ал эми 1966-жылы июлда «Ил—18» самолету менен Ош—Москва, кийинки жылы Ош — Свердловск маршруту ачылды. Як-40 самолетторунун Ош — Челябинск, Ош — Омск — Новосибирск, Ош — Чолпон-Ата, Ош — Алма-Ата, Ош—Караганда, Ош — Тамга, Ош — Фрунзе, Ош — Ташкент, Ош — Дараут-Қурган ж. б. маршруттар ачылган.

1979-жыл 2-январдан ТУ—154 аба лайнери Ош — Москва маршруту боюнча каттап турат.

Азыр Ош аэропорту — авиациялык ири ишкана. Жа-

кында анын жаңы имараты курулуп, эң жаңы техника менен жабдылды. Онунчу беш жылдыктын жылдары ичинде жүргүнчүлөрдү ташуу эки эсе көбөйдү, ушундай эле өсүш он биринчи беш жылдыкта дагы каралган. Оштун авиаторлору айыл чарбасын тейлөөнү да арттырып, эң сонун «аба пахтакерлеринен» болуп калат. Санитардык авиация да так иштейт. Аба транспорту андан ары өнүгөт, Ош аэропортунун авиатехникалык базасынын имараты курулат.

Социалисттик курулуштун жылдары ичинде шаар таанылгыс болуп өзгөрдү. Анын мурдагы «эски» жана «жаңы» деп бөлүнүшү жок кылынды. Бардык жерде кеңири асфальт магистралдары төшөлүп, көп кабаттуу турак жана коомдук имараттар курулууда. Жаңы микрорайондор — «черемушкилер», геологдор, токуучулар шаарчалары, Түштүк-чыгыш, Түштүк микрорайондору өсүп чыкты. Батыш жана Чыгыш микрорайондору жаралууда. Жаңы көчөлөр жана тротуарлар пайда болуп, эскилери кеңейтилип, асфальт төшөлүүдө, шаар ичинде жана чет-жакаларында эс алуу зоналары курулуп жатат.

Совет мамлекети турак жай проблемасын чечүүгө өтө зор көңүл бөлүүдө. Кийинки 8—10 жыл ичинде Ошто турак жай фондусу 255 миң $м^2$ көбөйүп, 1980-жылы 855,6 миң чарчы метрге жеткен, 13796 дан ашык турак үй курулган. Социалисттик өнүгүү жылдары ичинде Оштун территориясы 7 эседен ашык көбөйгөн: эгерде Улуу Октябрь революциясына чейин территориясы болжол менен 12 чарчы километр болсо, 1978-жылы эле —86 чарчы километрге жеткен.

Ош көз алдыда жашарып, көрктөнүп баратат. Борборду театрлардын, мектептердин, административдик имараттардын корпустары, көп этаждуу турак үйлөр кварталдары коодоп турат. Жаңы планировкаланган, жаңы архитектурадагы микрорайондор көздүн жоосун алат. Жаңы микрорайондо өзүнүн мектеби, поликлиникасы, соода борбору, автоматтык телефон станциясы болот.

Кийинки 10— 15 жылдын ичинде шаардын көрүнүшү таптакыр өзгөрдү. Драма театрынын, административдик имараттын, «Космос», «Семетей», «Киргизия» жаңы кинотеатрларынын, «Алай» мейманканасынын, Байланыш үйүнүн, Тиричилик үйүнүн кооз имараттары өзүнчө бир колоритти түзөт. Ак-Буура суусуна салынган көпүрө азыркы учурдагы шаар куруунун мыкты чечилишинен болду. Көптөгөн көрксүз курулуштар бузулду, Ленин, Свердлов көчөлөрү жагынан кеңири кире бериш жолдор ачылды. Кыргызстан көчөсүндөгү көп катар үйлөр эски шаарга жаңы борбордун бир бөлүгү көчүп келгендей көрк берет.

Ошто бүгүнкү күндө 280 көчө бар, алардын узундугу 188 километрге жетет, анын 156 километри асфальтталган, эски устун ордуна жаңы кооз жарык берүүчүлөрү орнотулган.

Калктын өсүшү, өнөр жайынын өнүгүшү менен бирге шаардын сууга болгон талабы да артты. 1957-жылга чейин арыктан суу ичилсе, азыр Ак-Буура башатынан, артезиан кудуктарынан суу проводу аркылуу таза суу менен камсыз кылынган.

Түштүк-Чыгыш өнөр жай объектилери жана турак жай кварталдары сууну шаардан 10—12 км аралыкта жайгашкан Мады булактарынан алат. Шаардык суу проводунун узундугу 149 километрди түзөт. Азыр ар бир шаар адамына суткасына 200 литр суу жумшалат. Азыр жаңы суу чыгаруучу курулуш бүткөрүлүп, суткасына 60 миң кубометр суу берип турат.

Оштун ишканаларына жана турак үйлөрүнө көгүлтүр жалын келди. 25745 үй газдаштырылды же мунун өзү 1960-жылга салыштырганда 4,5 эсе көптүк кылат. Он биринчи беш жылдыктын акырына чейин шаар калкын газ менен камсыз кылуу 78,5 процентти түзөт.

Шаардык телефон тармагы тез өнүгүүдө. 1970-жылы ал автоматтык тейлөөгө өткөн. Үстүбүздөгү беш жылдык-

та телефон байланышы жаңы станциялар (АТС-4 жана Түштүк шаарчада) 12 миң номер менен толукталат. Шаарлар аралык телефон станциясынын курулушу аяктайт.

Шаардыктарды тиричилик жактан тейлөө жыл сайын жакшыртылууда. Тиричилик жактан тейлөөчү беш комбинат, көркөм салону, турмуштук техниканы, радио-телеаппаратурасын оңдоочу алты ателье иштеп жатат. Мейманкана, мончо тармагы кеңейүүдө. Канализация линиясы узартылууда. Жергиликтүү ТЭЦтен ишканаларга жана турак үйлөргө жылуулук киргизилүүдө. Кездеме токуучулардын маданият дворецинин, автомобилисттер үчүн 245 орундуу санаторий-профилакторийинин курулушу аяктоодо. Жаңы микрорайондорго жылуулук тармагы өткөрүлөт, Сулайман тоосун көрктөндүрүү улантылат, тоо чокусуна канат жолун чыгаруу пландаштырылган, Ак-Буура жээгин көрктөндүрүү жана куруу иштери улантыла берет. Ак-Бууранын жээгине азыр эс алуу зонасынын курулушу жүргүзүлүүдө, ал Токтогул атындагы жана Новон атындагы жана эки паркты кошот. Суунун сол жээгинде, партиянын обкомунун имаратынын маңдайында В. И. Лениндин заңкайган эстелиги көтөрүлүүдө.

Соода, коммуналдык ишкана тармагы кыйшаюусуз кеңейтилүүдө, социалдык-маданий тейлөө чөйрөсү өркүндөтүлүүдө. Оштогу колхоз базарында дайыма эл көп Азыр шаарда 500гө жакын магазин, 200дөн ашык ашкана, буфет, чайкана, ресторан иштейт. Мамлекеттик кооперативдик сооданын жана коомдук тамактануунун товар обороту жыл сайын өсүүдө.

Областтык борбордо соода аянты 1500 м² болгон жаңы универмаг курулат, ашканалардын жана кафелердин саны көбөйөт.

Жылдан жылга шаардын жашыл көркү кеңейүүдө, 85 км көчө жашылдандырылган. Беш жылдыктын акырында жашыл тилкелер 90 гектарга жетет же ар бир

адамга 6 $м^2$ түзөт. Гүлдүү бадалдар, роза гүлдөрүнүн кызыл-тазыл плантациялары, гүлзарлар, газондор, скверлер шаардык пейзажга ого бетер көрк кошот.

Бак-дарак Сулайман тоосунун жантаймасына да көтөрүлүүдө, жыл сайын жашыл тилке жогорулап баратат. Тоо өзүнүн «ыйыктык» маанисин жоготууда. Азыр бул жерге шаардыктар жана меймандар тоо чокусунан өрөөндү жана шаар панорамасын көрүүгө чыгышат. Эми чокуга тепкич чыгарылып, насос аркылуу суу көтөрүлүп тоо боорундагы дарактар сугарылат. Түштүк жантаймасында жакында областтык край таануу музейи ачылды, ага каттоочу жол да салынган.

## «Саякатчылардын шаары»

Ошту саякатчылардын шаары деп аташат. Мунун өзүнчө чындыгы бар. Өзүнүн пайдалуу географиялык абалы, ыңгайлуу табигый шарты, тарыхый эстеликтери, соода-экономикалык мааниси, кербендер үчүн каттоого ыңгайлуулугу жагынан шаар эзелтен бери эле ишкер адамдарды, край башкаруучуларын жана дин кызматкерлерин өзүнө тартып келген. Бул жерге көпөстөр жана сыйынуучулар, саякатчылар жана ар кыл өнөрчүлөр, алыскы өлкөлөрдөн да үзбөй каттап турушкан. Өткөн кылымдын 90-жылдарында эле толук эмес маалыматтарга караганда 70ке жакын орус жана чет элдик экспедиция, топографиялык партия, дипломатиялык миссия, туристтер тобу Орто жана Борбордук Азиянын ар кандай райондоруна Ош аркылуу өтүшкөн.

Изилдөө иштеринде кызыктуу окуяларды аткарган, акылмандык, тапкычтык көрсөткөн жана тоо менен чөлдө эрдик жасаган оштуктардын өздөрү да катышкан. Алардын арасына Улуу Октябрь революциясына чейинки Ферганадагы көрүнүктүү адамдын бири мыкты саякатчы Мырза Фазылбек Ажыны (Фазылбек Касымбековду 1863—1919-ж.), кошууга болот. Көз карашы жагынан ал-

дыңкы демократ-агартуучу, коомдук ишмер, чыгыш окумуштуусу Мырза Фазылбек 1885—1904 жылдары (1885—1890-ж. Б. Л. Громбчевский, 1903-жылы В. Ф. Новицкий ж. б. менен бирдикте) Тянь-Шань жана Памир, Гиндукуш жана Тибет, Кашкария ж. б. боюнча саякат жасаган. Азия өлкөлөрүн изилдөөдө көп салым кошкондугу үчүн Касымбеков эки алтын, күмүш жана коло медалдарына, анын ичинде Орустун География коомунун сыйлыктарына татыктуу болгон. Анын «Бадахшан тарыхы» (1907-ж.) жогорку баа алган. Бул эмгектин биринчи бөлүгү Мырза Санг Мухаммед Бадахша тарабынан жазылып, калганын 20-кылымдын башталышына чейин Мырза Фазылбек уланткан жана бүтүргөн. Бул эмгек биринчи жолу 1919-жылы жарык көргөн.

Швед саякатчысы С. Гединдин экспедициясында жол көрсөткүч болуп Памир жана Ички Азия өлкөлөрү боюнча 1893—1897-жана 1899—1902-жылдары дагы бир оштук киши Исламбай Мухамет-Рахимов чоң саякатка чыгып, Щвециянын өкмөттүк чоң алтын медалы менен сыйланган.

Географиялык изилдөөлөрдүн тарыхында ошондой эле Садырходжа Шамсуддин Ходжиндин, Султанбек Яушевдин, Карыбай Абдрахмановдун, Кудратулла Таирбаевдин жана башка оштуктардын ысымдары бар, алар илимге бир далай салым кийиришкен. К. Таирбаев (Мулла Кудрат) чыгышты изилдөөчүлөргө окумуштуу-молдо, тарыхчы, чыгыш кол жазмаларын жыйноочу катары белгилүү. 1913-жылы анын коллекциясында мусулман авторлорунан илимдин ар кандай тармактары жана исламдын негизги эрежелери боюнча сейрек эмгек болгон.

Орто жана Борбордук Азияны белгилүү изилдөөчү Орустун географиялык коомунун анык мүчөсү Б.Л. Громбчевский (1855-1926), 1892—1895-жылдарда Ош уездинин начальниги болуп иштеген. Крайды изилдөөдө ушул уезддин башында 1895—1906-жылдары иштеп турган

В. Н. Зайцев (1851—1953) белгилүү из калтырган. Мында 1901-жылы өзүнүн кызматтык жана илимий жолун ошол кездеги жаш офицер Н. Л. Корженевский (1879—1958), кийин советтик көрүнүктүү географ, Орто-Азиянын жаратылышын изилдөөчүлөрдүн ирилеринин бири баштаган.

Совет бийлигинин жылдары ичинде да Ош жер таануну изилдөөдө мурдагы даңкын жоготкон жок. Ош пединститутунун окумуштуулары, Түштүк-Кыргыз геология экспедициясынын геологдору, жер ченөө адистери гидрометерологдор, медицина кызматкерлери жана башкалар жаратылыш жана эмгек ресурстарын, Ош областынын социалдык-экономикалык шарттарын, анын андан ары өнүгүшүнүн перспективаларын ар тараптан иликтеп жатышат.

Ош күн сайын өлкөнүн бардык жагынан жана чет өлкөлөрдөн келген жүздөгөн, миңдеген кишилерди кабыл алат. Ак-Бууранын оң жак жээгиндеги бийик кашаттардын биринде чоң жашыл массив жайгашкан. Калың токой арасында жашыл коттеджер тургузулган. Бул Ош туристтик базасы. Ушул жерден Арсланбап корук токоюна, эң кооз Сары-Челек тоо көлүнө, Абшырсай шаркыратмасына маршруттар башталат.

Ошту памирдик тоого чыгуучулардын борбору деп бекеринен атабайт. Дал ушул жерден эл аралык белгилүү альпинисттер лагери «Памирге» — кеңири белгилүү Ленин чокусунун этегине маршрут өтөт.

Биздин шаардын асыл наамы жана даңктуу иштери кийинки убактарда өзгөчө угулууда. 1971-жылы Германия Демократиялык республикасынын кеме куруучулары курган океандык балык улоочу жаңы кеме сууга түшүрүлдү. Ал биздин Ош шаарыбыздын наамын алып жүрөт. Он эки жыл иштөө бул анчейин деле узак мөөнөт эмес, бирок ушул убакыт ичинде эле бул кеме дээрлик бүт Атлантиканы бороздоп чыкты. Кайсы гана жерде балык кармабасын кеменин экипажынын мүчөлөрү дайыма сый-

мык жана урмат менен вахтасында туруп, жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн камсыз кылып, туруктуулукту, эрдикти жана мээримдүүлүктү көрсөтүүдө.

Ош шаары жөнүндөгү очеркибизди анын этимологиясы менен аяктайлы. Ош урбониминин чыгышы жөнүндө ар кандай жомоктор, уламыштар, болжолдоолор бар. Алардын ичинен алда канча салмактуусу А. Н. Бернштамдыкы (1951), ал боюнча Ош шаары байыркы Уш этносунан улам ушундай айтылып калган, бирок Уш азыркы учурдагы Оштон территориясы алысыраак жайгашкан көрүнбөйбү.

Оригиналдуу жана толук далилдеген далил колдо болбогон соң биз этимологиясы боюнча изилдөөнү уланта беришибиз керек. Балким, тил жагынан да, географиялык мамиле жагынан да изилдөөнү алда канча кеңейтүү керектир, маселен, Ош топоними дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрүндө (Батыш Сибирь, Кашкар, Франция, Африка ж. б.) кездешет.


Ойлонуп көрүү үчүн кошумча материалдар катары төмөндөгү маалыматтарды алса болоор: ош (Хакас диалекти) — чынар терек; ош (эрзян.) —шаар; Ошке—шаарча; оштор (Иран) — төө. Сулайман тоосу чөгүп жаткан эбегейсиз зор төөгө окшош экенин байкоого болот.

## ЖАЛАЛ-АБАД

Шаар Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, деңиз деңгээлинен 780 метр бийиктикте, Аюб Тоонун этегине, чыгыш жагы Серүүн-Дөбө тоолору менен тирешип турган жерге жайгашкан. Шаар Көгарт суусунун кооз өрөөнүнүн түштүк-батышка бир аз энкейиңки жерин ээлейт. Жалал-Абаддын тегерегинде коңшулаш Сузак районунун пахта талаалары, мөмө бактары жана жүзүмдүктөрү мелтиреп жатат. Шаардан 50—60 километр түндүк-чыгыш тарапты көздөй Фергана кырка тоолорунун тарамы





Ош областындагы шаарлар жана ири кыштактар.



Ош. Сулайман тоосунун фонунда шаардын көрүнүшү.




Ош. Радиотелевизиондук борбор.



Ош базары.



Ош шаарындагы микрорайон.



Өзгөн мунарасы (XI кылым) — фрагмент.








Ош-Карасуу өрөөнү.

Жалал-Абад курорту.

Жалал-Абад темир жол вокзалы.



Кызыл-Кыя шаары.
Жаңы оорукана
комплекси.




Майли-Сай. Электролампа
заводунда.



Жаңы балдар бакчасы





Кызыл-Кыя шаары. Жаңы оорукана комплекси.

Майли-Сай. Электролампа заводунда.



Жаңы балдар бакчасы

ачылат, шаардын көчөлөрүнөн анын ак карлуу чокулары айкын көрүнүп турат. Тоо боорунда жаңгак-мөмө токойлору, адырларда мисте өсөт, алар «тургай» мезофильдик токойлорунун үчүнчүлүк доорунан калган мурас.

Жалал-Абаддын климаты ысык жана кургак, жазгысын жана күзгүсүн жылуу, кышкысын мелүүн жана туруктуу эмес. Жылдык орточо температурасы +12+13°, максималдуу температурасы +40,2° (1954, 1971-ж. ж.), минималдуу температурасы — 15° (1955, 1969-ж. ж.), катуу суук сейрек болот. Атмосфералык жаан-чачын жыл сайын алмашып турат. 1952-жылы —610 мм, 1956-жылы—430 мм, 1969-жылы —450 мм, 1976-жылы —446 мм. Жаан-чачын негизинен кышында жана жазында түшөт. Жыл мезгилдери ичинен эң узагы жай (май-сентябрь). Күзүндө, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн жыйноо учурунда аба ырайы негизинен кургак жана жылуу болот.

Көгарт өрөөнүнүн негизги суу артериясы Көгарт-Сай жана Чангет-Сай болуп саналат да, аларга көп сандаган куймалар жана Кара-Дарыядан чыгарылган каналдар кошулат. Бул суулардын өнөр жайын жана тиричиликти суу менен камсыз кылуудагы, талааларды сугаруудагы чарбалык мааниси эң зор. Жалал-Абаддын территориясында жер астындагы суулар орто эсеп менен 5—6 метр тереңдикте жатат, ошондуктан калкты суу менен камсыздоодо эң кеңири мүмкүнчүлүктөрү бар.

Аюб-Тоо жана Чыйырчык тоо кыркаларынын негизги тектеринде жер алдындагы суулар өтө минералданган кубаттуу суу чыгуучу горизонттору түзөт. Бул жерде Аюб-Тоонун жантаймасында бир нече пункттарда фильтрленген термалдык суулар өзгөчө мааниге ээ болот. Жалал-Абад эзелтен бери өзүнүн ысык жана муздак дары суу булактары менен даңкы чыккан, анын негизинде азыр курорт иштеп турат. Бул жерде 120дан ашык булак бар деп эсептелет, алардын бешөө ысык—темпера-

турасы 37—45 градус, 12си жылуу—температурасы — 18—20°, калгандары муздак.

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин Жалал-Абад сокмо топурактан курулган анчалык чоң эмес кыштак болгон. Он тогузунчу кылымдын башталышында мында кокондук кичинекей чеп курулуп, анда гарнизон жайгашкан, айланасына жер кепелер салынып, анда дыйкандар менен кол өнөрчүлөр жашашкан.

1887-жылы Жалал-Абад шаар статусун алган. Бул көчөлөрүнөн кала берсе эки араба каршы-терши өтө албаган мурдагыдай эле кыштак болгон. Жайкысын Жалал-Абадды чаң басса, кышкысын баткак тизеден болгон. Жаандуу күндөрдө жөө адамдар менен мал тизеден баткакка батып, күн кургакта чаң асманга көтөрүлүп, коңурсуган жаман жыттанып турчу: акыр-чикир түз эле көчөгө ташталчу, мында мал да жайылып жүрө берчү. Эртең менен жана кечинде бадачылар чаңды бурулдатып малды айдап өтүшөөр эле.

Шаардын территориясынын жана чет жакасынын көпчүлүк бөлүгүн саз баскан, азыркы түштүк-батыш бөлүгү — Сузак кыштагын карай өзгөчө саздуу болгон. Шаардыктардын үйлөрү бүтөөр менен эле камыш, бадал башталчу, анын ичинде каман, жылан, саз чулдугу жана бака эркин сайрандап, чиркей өтө көп болчу. Кургагыраак жерлеринде, майда бадалда кыргоол жана коён мекендөөчү, өрдөн түлкүлөр түшүп келээр эле.

Өткөндөгүсү географиялык аталышта гана калды. Жалал-Абад, Терек-Мазар, Камыш-Азиз, Дувана-Жар... Жалал-Абад этимологиясы Араб жана Иран тилдеринен түзүлөт. Жалал — арабча — «залкарлык, даңктуу, эң сонун» деген сөздөн. Бул апеллятив көбүнчө жеке ысымды (эркектики) атоодо, ошондой эле татаал сөздөрдө — географиялык атоодо компонент катары колдонулган. Абад— иранча мааниси «шаар; элдүү пункт; калктуу жер» дегендей, түз айтканда «курулган, түзүлгөн, гүлдөгөн» деген маанидe. Ошондой болгондон кийин Жалал-

Абад «даңктуу шаар» деген урбонимдин маанисин берет.

Улуу Октябрь революциясына чейин шаардыктардын негизги массасы айыл чарбасы жана кол өнөрчүлүк менен күн көрүшкөн. Кол өнөрчүлүгүндө мал союу, кийиз жасоо, жибек токуу ишканалары, пахта кабыл алуучу пункт, слесардык жана кийим тигүүчү ж. б. мастерскойлор иштеген. Темир устаканаларында эң жөнөкөй айыл чарба шаймандары— кетмен, орок, буурсундун тиши, така ж. б. жасалган. Шаарды аралай аккан Хан-Арыкта анчалык чоң эмес тегирмендер болгон, аларда эгин салынып, күрүч акталган.

1913-жылы Жалал-Абадда беш миңден ашык калк жашаган. Темир менен жабылган каркас, кирпич үйлөр пайда болуп, аларда казна мекемелер жайгашкан, чиновниктер жашашкан.

1916-жылы шаарга кууш темир жолдун келиши чоң окуя болгон, Жалал-Абад Анжыян менен байланыштырылган. Темир жол аркылуу шаарга өнөр жай товарлары келе баштаган. Көпөстөр—орустар, өзбектер, татарлар— Россиядан жана Ташкенттен бул жерге чыт, ширеңке, кант, чай, чоюн идиштерин жана самоор, керосин, металл буюмдарын, жыгач материалдарын, көмүр алып келишкен. Ал эми алып кетишкендери пахта жана жибек пилласы, асыл жаңгак жыгачы, грек жаңгагы, мисте, тери, жүн эле. Эң негизгиси— мал болгон. Базар күндөрү бай көпөстөр Жалал-Абаддан миңдеген бодо мал жана кой-эчкилерди сатып алыша турган. Билим алуу жана ден соолук, көрктөндүрүү жана санитардык маданияты жагынан шаардын калкынын абалы өтө аянычтуу болгон. 1912-жылы гана Жалал-Абадда 25 орундуу алгачкы оорукана ачылган. Анда бир врач, үч фельдшер жана бир акушерка иштеген. Шаарда жалгыз аптека иштеген. Бирок анын канализациясы болгон эмес.

Улуу Октябрь революциясынан кийин гана Жалал-Абадга эркиндик келип, гүлдөй баштаган. 1917-жылы

декабрдын орто ченинде шаарда Совет бийлиги жарыяланды. Бирок жаңы түзүлүштүн жеңиши жана чыңдалышы тап душмандары менен катуу кармашуу аркасында жүрдү.

Кулак жана басмачылар бандалары талкалангандан кийин гана Жалал-Абаддын эмгекчилери, түштүк Кыргызстандын бардык эмгекчилери сыяктуу эле, тынчтык эмгекке өтүштү. Партиялык советтик органдардын, шаардын бүткүл калкынын маанилүү милдети Жалал-Абад шаарынын чарбасын өнүктүрүү эле. Шаардын социалисттик өнөр жайынын багыты анын тегерегинде райондор өндүргөн айыл чарба сырьёлорун кайрадан иштетүүгө байланыштуу болгон. Жыйырманчы жылдардын экинчи жарымында кийим тигүү, улуттук кездеме жана мебель жасоо, транспорттук-араба шаймандарын, айыл чарба шаймандарын жасоочу алгачкы артелдер пайда боло баштады. Андан соң лимонад жасоочу завод жана трактор мастерскою (1930-жыл), кирпич-черепица заводу жана мебель фабрикасы (1936-жыл), май заводу (1939-жыл), тери иштетүү цехи (1940-жыл) жана башкалар ишке киргизилди. Согуштун алдындагы 1940-жылы Жалал-Абаддын ишканалары 3209158 сомдук продукция чыгарган.

Совет бийлигинин биринчи эле жылдарынан тартып элге билим берүү жана саламаттык сактоого зор көңүл бөлүнгөн. Жалал-Абадда эң кооз жана эң чоң имарат —№ 1 мектеп (азыркы № 1 орто мектеп) 1927-жылы курулган. Аюб-Тоо минералдык булактарынын базасында эмгекчилердин бүткүл союздук саламаттыкты чыңдоочу курорту түзүлдү. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында мында госпиталь жайгашып, Советтик Армиянын 25 миңден ашык жарадар болгон жоокерлери ден соолугун чыңдашкан.

Согуштан кийин Жалал-Абад тез өнүгүп өстү, анын өнөр жайы өркүндөдү, маданий-агартуу мекемелеринин тармагы кеңейди.

Азыр шаарда элүүдөн ашык өнөр жай, курулуш-транспорт ишканалары иштеп жатат, алардын ичинде пахта тазалоочу завод, штепсель разъемдор заводу, тамеки-ферментация заводу, сүт-өндүрүштүк бирикмеси, жер казуу техникасынын заводу, тегирмен комбинаты, тёмир-бетон буюмдары заводу жана башка ири ишканалар бар. Кийинки жылдарда көптөгөн өнөр жай ишканалары реконструкцияланды жана алда канча кеңейтилди. Жаңы техникалар, алдыңкы технология киргизилүүдө, эмгек процесстерин механизациялоонун деңгээли жогорулоодо.

Шаардын турмушунда 1959-жылы 27-февралда Жалал-Абад электр тармагын Фергана алкагына кошуу чоң окуялардан болду. Ал өнөр жай өндүрүшүн андан ары өнүктүрүүгө түрткү берди, электр кубаты менен үзгүлтүксүз жабдууга, алдыңкы техниканы кеңири пайдаланууга мүмкүндүк түздү. Шаар түтүндөн жана ыштан арылды.

Жалал-Абаддагы пахта тазалоочу завод — республикадагы эң ири ишканалардын бири. Ишкана пахтаны — Сузак жана Ленин райондору өстүргөн сырьёну кайра иштеп чыгарат жана шаарда чыгарылган бардык продукциянын жарым наркын берет. Завод азыркы учурдагы жабдуулар, кубаттуу кургатуучу-тазалоочу машиналар менен жабдылган. Кийинки жылдарда мында пахта буласынын сапатын кескин түрдө жакшырткан ОВП маркасындагы була тазалагыч машиналар, пневматикалык агрегаттар, тасмалуу транспортерлору жана тасмалуу соргучтар, ПХТ-20 транспортерлору жана өндүрүш процесстерин жакшырткан дагы башка жасалгалар ишке киргизилди.

Жалал-Абад пахта тазалоо заводунун продукциясы биздин өлкөбүздө гана эмес, ошону менен бирге Францияда, Англияда, Германия Федеративдүү республикасында, Финляндияда, Японияда социалисттик өлкөлөрдө

да кеңири белгилүү. Экспортко пахта буласын чыгаруу жыл сайын көбөйүүдө.

1967-жылы Жалал-Абадда курулган «Чолпон» фирмасынын бут кийим жасоочу эң ири фабрикасы жыл сайын миллиондогон сомдук продукция берет. Жалал-Абаддагы мебель фабрикасы— «Кыргызмебель» өндүрүштүк бирикмесинин филиалы Түштүк Кыргызстандын жаңгак-жемиш токойлорундагы жаңгак жыгачтарынан жана жаңгак сүрүндүлөрүнөн алынган эң сонун сортторду сырьё катары пайдаланат. Жергиликтүү эт комбинаты, мөмө комбинаты, витамин-кондитер фабрикасы азыркы учурдагы жабдуулар менен камсыз кылынган.

Жакында Жалал-Абадда ун тартуучу ири ишкана курулуп бүттү. Комбинат өзүнүн эбегейсиз зор көлөмү менен гана эмес, ошондой эле жабдуулары, өндүрүштүк процесстерди жогору механизациялоо менен да айырмаланат. Комбинатты курууга бүткүл өлкөбүз жардам берди: Урал металл конструкцияларын жана такта болот, Өзбекстан — прокат, Түркменстан —айнек жиберди. Жабдууларды Хабаровск менен Горький, Воронеж менен Москва, Курск менен Харьков жеткизип турду.

Тегирмен комбинатынын составына кирген аралаш тоют чыгаруучу завод — эң жаңы ата мекендик жабдуулар менен жабдылган жаңы типтеги ишкана, эсептөөчү жабдуунун жардамы менен берилген кубаттуулугу — суткасына 315 тонна аралаш тоют өндүрөт.

Шаарда тиричилик техникасын ремонттоо боюнча жаңы завод иштеп, муздаткычтарды, кир жуугуч машиналарды, чаң соргучтарды ж. б. ремонттойт. Ал шаарды жана Жалал-Абад зонасындагы райондорду тейлейт. Онунчу беш жылдыктын өнөр жай продукциясын өндүрүү боюнча план 102,2 % аткарылган.

Жаңы беш жылдык план боюнча кирпич чыгаруу өндүрүшүн кайрадан техникалык куралдандырууда чоң иштерди жүргүзүү каралды. Кирпич заводу автоматтык түрдө иштейт. Кондитер фабрикасы жана эт комбинаты

реконструкцияланат жана кеңейтилет. Массалык керектөөдөгү товарларды жергиликтүү өнөр жай тармактарында өндүрүү үчүн өндүрүштүк калдыктарды, жергиликтүү сырьелорду жана кайра иштетилүүчү материалдарды пайдаланышат.

Эмгекчил Жалал-Абад азыркы беш жылдыктын биринчи күнүнөн тартып эле өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана иштин сапаты үчүн күрөштө эң сонун темп менен ишке киришти. Так ритм жана жогорку уюшкандык шаардын өнөр жайында бир жыл он бир айдын ичинде пландан тышкары 13 миллион сомдук продукция өндүрүүгө жана сатып өткөрүүгө мүмкүндүк түздү. Бул 1980-жылга салыштырганда 11,5 процентке көптүк кылат. Продукциянын жалпы өсүшүнүн үчтөн эки бөлүгү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен алынды. Беш жылдыктын биринчи жылынын тапшырмасы продукцияны сатып өткөрүү боюнча бир жума мурда, эки жылыныкы 1982-жылдын 9-декабрында аткарылган.

Беш жылдыктардын жылдары ичинде Жалал-Абад таанылгыз болуп өзгөрдү. Азыр ал экономикалык потенциалы жана калкынын саны (1980-жылы—56,3 миң адам жашаган) жагынан областтагы экинчи шаар. Анда азыр жалпы билим берүүчү он бир мектеп, кечки мектеп, зооветеринардык жана машина куруу техникумдары, медицина окуу жайы, айылдык профессионалдык-техникалык окуу жайы жана башка атайын окуу жайлары иштейт. Аларда 16 миңден ашык уландар жана кыздар окушат. Шаардыктарды ооруканалар, санаторийлер, төрөт үйлөрү, поликлиникалар жана консультациялар медициналык жактан эң жакшы тейлөөдө. Мектепке чейинкилердин 27 мекемесинде Жалал-Абаддын 4,5 миңден ашуун эң кичинекей жашоочулары тарбияланышат. Маданият двореци менен Пионерлер үйү, сегиз клуб, тарыхый-край таануу музейи, массалык жана ведомстволук 28 китепкана, кеңири экрандуу эки кинотеатр, профсоюздар клубдарында 17 киноустановка иштейт. Радио,

телевидение, массалык информация каражаттары калк тиричилигине кеңири кирген, 1978-жылы жаңы автоматтык телефон станциясы жана шаар аралык телефон станциясы ишке киргизилген. Республиканын борбору Фрунзе шаары менен радиорелелик байланыш түзүлгөн.

Жалал-Абаддын жашыл көркү көздүн жоосун алат. Шаарда эки парк, көптөгөн сквер, эки стадион, 129 магазин, жүздөн ашык тамак-аш ишканалары бар.

Жалал-Абадда азыркы учурдагы көп кабаттуу үйлөр курулууда. Биринен сала бир микрорайондор өсүүдө. Турак жай фондусу 300 миң чарчы метрден ашып кетет. Ал суу проводу, канализация менен камсыз кылынган, электрлештирилген, жакшы пландаштырылган. Көчөлөрдүн 70 проценттен ашыгы асфальтталган жана жарык берилген.

Жалал-Абаддын бир четинен экинчи четине чейин жасалгалуу автобустар каттайт, таксилердин. ошондой эле шаардыктардын жеке автотранспортунун саны такай өсүүдө.

Шаардын үстү жагында, Аюб-Тоонун боорунда деңиз деңгээлинен 975 метр бийиктикте бүтүндөй жашыл массив жатат — бул бүткүл союздук маанидеги Жалал-Абад бальнеологиялык курорту. Укмуштуу ар түрдүүлүгү менен (сейрек элементтер кошулган көмүр-кычкылдуу, күкүрт-суутектүү) айырмаланган минералдык суулары жана чым көң баткагы бөйрөк· ревматикалык, сөөк нерв жана башка ооруларды дарылоо үчүн колдонулат. Азыркы учурда өлкөгө кеңири белгилүү болгон, жылына 20 миңден ашык кишини кабыл алуучу ден-соолук чыңдоочу жай реконструкцияланууда. Корпустары ыңгайлуу жайгашкан, көлөкөлүү, салкын аллеялары; «мүрөк суусунун» булактары, мында иштегендердин жылуу жана мээримдүү кабыл алуулары ден соолукту тез чыңдоого, күчүнө күч, кайратына кайрат кошууга көмөктөшүүдө. Эң сонун тоо климатынын, жашыл дарактардын жана

күн нурунун жетиштүүлүгүнөн улам Жалал-Абад жана ага жанаша жаткан жерлер эмгекчилердин сүйгөн эс алуучу жайларына айланды.

## ТАШ-КӨМҮР

Бул областтагы калкынын саны жагынан үчүнчү орундагы шаар болуп саналса да башка бир дагы шаарга окшобойт. Анын өзгөчөлүгү тар, аскалуу капчыгайда, Нарын дарыясынын жээгине жайгашкандыгында, узундугу 8 километрге созулган. Шаардын географиялык шарты, курулуш объектилеринин планировкасы, көчөлөрүнүн жана аянттарынын жайгаштырылышы Түштүк Кыргызстандагы бардык шаарларга караганда кескин айырмаланып турат.

Таш-Көмүр деңиз деңгээлинен 588—620 метр бийиктикте жайгашкан. Ал Нарын дарыясынын Фергана жана Ат-Ойнок тоо кыркаларынын Фергана өрөөнүнө чыга бериш жеринде турат.

Шаардын климаты — континенталдуу, жылдык орточо температурасы +11—14°. Январдын орточо температурасы —6°, эң жылуу ай — июль (+24,8—25,8—25,2°). 288 күндө суук болбойт. Жыл ичинде түшкөн жаан-чачын орто эсеп менен 300—350 мм-ди түзөт, бирок алардын саны эки эселеп кеткен учурлар да болот. Өзгөчө тоолордо жаан-чачын көп болот. Жазында жана күзүндө жаан көп жаайт.

Жайдын күнү Таш-Көмүрдө аба ырайы ысык, какшыма-үп, кургак болот. Июнь-июль айларында өзгөчө ысык, шаардын чет-жакаларында бир да жашыл чөп калбай, бардыгы жансыздай түргө келип калат. Бекеринен өткөн убактарда «каксоо өрөөн» деп аташпаса керек, какшыган үп, шамал сокпогону, бул жерде безгектин күч алгандыгы үчүн ошентишкен. Бүтүндөй шагыл таштардан турган тоолордун жана кыртыштын түрү өзгөртүлүп бак-дарактарга, жемишке чөмүлгөн, өздөрүнүн салкын илебин

жана көлөкөсүн шаар калкына тартуулап турат. Нарын дарыясынын жогорку агымын көздөй, Таш-Көмүрдөн 20 километр алыстыкта тоолуу терең капчыгайда, тоо боорунда жапайы жемиш токойлору, бадалдар — алма, өрүк, алча, кара өрүк ж. б. өсөт. Алар өзгөчө тоо арасындагы анчалык чоң эмес Ончон, Бекечал, Курук-Сай, Разан-Сай капчыгайларында көп.

Таш-Көмүр биздин республикабыздагы көмүр борборунун эң жашы. 1935-жылы гана бул жерге инженерлер жана курулушчулар келе башташкан. Алгачкы турак үйлөр, коомдук жана административдик имараттар салынган. Электр жана насос станциялары иштей баштаган, алар жаңы жаралып жаткан шаарды жарык жана суу менен камсыз кылып турган. Үч-Коргон — Таш-Көмүр темир жолу айрыгы тоону карай салынган. 1939-жылы мында биринчи шахта — «Капитальная», андан соң экинчиси — «Северная» курулган. Ошол учурда Таш-Көмүрдө бар болгону 3200 гана адам жашаган.

Жыл өткөн сайын шахтерлор шаарчасында курулуштун масштабы көбөйдү, көмүр өнөр жай ишканаларынын өндүрүшү да жогорулай берди. 1943-жылы 15-апрелде Таш-Көмүр областтык карамактагы шаарлардын разрядына кошулду.

Шахтерлордун башка шаарларына караганда Таш-Көмүрдүн шахталарында көмүр казуунун бардык процесстери механизациялаштырылды, жер алдындагы участкалар телефондоштурулду, шахтанын негизги жолдору боюнча электровоздор жүргүзүлдү. Таш-Көмүрдүн өнөр жай ишканалары «Орто-азия көмүр» комбинатында үлгүлүү делип эсептелет. «Карасуу» ачык көмүр резрезинде кубаттуу экскаваторлор, бургулоо станоктору, Минск автозаводунан чыккан жыйырма беш тонналык самосвалдар иштеп турат. «Северная» шахтасы туташ механизациялаштырылган ишкана болуп калды. Көмүрдү ачык түрдө казып алуу өнүктү.

Азыркы учурда Таш-Көмүр Ош областында казылып

алынган жогорку сапаттуу көмүрдүн үчтөн биринен ашыгын берет, 1982-жылы аны өндүрүү 1200 миң тоннага жетти. «Карасуу» разрезинде өндүрүштү уюштуруунун чоң тажрыйбасы топтолгон. Разрездин кенчилери үстүбүздөгү беш жылдыктын көмүр казуу боюнча эки жылынын планын мөөнөтүнөн мурда орундашкан. «Тегенек» жана «Кара-Тут» жаңы көмүр разрездерин өздөштүрүү башталды.

Көмүр карьерлеринде бир тууган республикалардын ишканаларынан келген жогорку өндүрүмдүү техника иштетилүүдө. Кийинки жылдардын ичинде экскаватордук парк сезилердик жаңыртылды. Булар — «Уралмаш» заводунан чыккан кадамдап жүрүүчү экскаватор жана ЭКГ-4,6 машинасы, Крамоторск заводу чыгарган ЭШ-7-70 машинасы, Минскиден чыккан БелАЗдар, Брежнев шаарынан чыккан КамАЗдар, Горловкадан чыккан тазалагыч комбайндар, Пермден чыккан кубаттуу тасма конвейерлери. Аларды пайдалануунун натыйжасында көмүр казуу бир эле лавада суткасына 1000 тоннага жеткирилет.

Таш-Көмүрдө калктын керектөөлөрүн жана талабын канагаттандыра турган жергиликтүү өнөр жайы: нан заводу, эт комбинаты, май заводу, шаардык сүт комбинаты, кирпич заводу өсүп чыкты.

Онунчу беш жылдыктын аягында кубаттуулугу жылына 7 миң тонна сырьё иштете турган тамеки-ферментациялык заводунун курулушу ишке киргизилди.

1974-жылы Таш-Көмүр «Гидростальконструкция» заводу өз продукциясын бере баштады. Областтын жана өлкөнүн эл чарбасынын көптөгөн маанилүү объектилерин курууда ташкөмүрдүк металлконструкциялары пайдаланылат, алар Төө-Моюн гидро түйүнүндө, Күрпсай жана Нурек гидростанцияларынын курулушунда пайдаланылды. «Гидростальконструкция» заводунун продукциясы өлкөнүн маанилүү башка курулуштарына да кетет. Он биринчи беш жылдыктын аягында металл конст-

рукцияларын чыгаруу 2,5 эсе өсөт. Электрондук өнөр жайы өнүгөт.

Азыр Таш-Көмүр — жакшы планировкаланган, асфальтталган кеңири көчөлүү, бардык ыңгайлуулугу, эки жана үч кабаттуу үйлөрү бар шаар. Шаардын паркы кооз, көрктүү суу проводунун тармагы узартылып, шаарда жашыл дарактардын аянты дайыма кеңейтилүүдө.

Шаарда жалпы билим берүүчү 12 мектеп (күндүзгү жана кечки), балдардын 16 бакчасы жана яслиси, 10 китепкана, 5 клуб, Маданият двореци, Маданият үйү, 18 киноустановка иштейт. Элдин саламаттыгын сактоодо медициналык кызматкерлердин чоң тобу эмгектенүүдө, алардын карамагында үч оорукана, поликлиника жана профилакторийлер бар.

Ташкөмүрлүктөр социалдык-маданий объектилердин кеңири кулач жайышы менен бекеринен сыймыктанышпайт. 1982-жылы гана 1176 орундуу орто мектеп, эки ашкана, тиричилик жактан тейлөө комбинаты ишке киргизилген. 150 орундуу жаңы поликлиниканын, 720 окуучуга арналган профессиялык-техникалык окуу жайынын, 320 орундуу балдар комбинатынын кабаттары өсүүдө. 300 орундуу оорукананы, төрөт үйүн куруу белгиленүүдө.

Азыркы учурда Таш-Көмүрдө 4 курулуш уюму иштейт. Соода, калкты тиричилик жактан тейлөө тармактары кеңейүүдө. Шаарда коомдук тамактануучу 76 ишкана иштеп турат, 188 соода ишканасынын мамлекеттик жана кооперативдик товар жүгүртүүсү жылына 41,5 млн. сомду түзөт.

Азыр Таш-Көмүр шаары аскалуу Тянь-Шань тоолорунун арасында гүлдөгөн оазис болуп, Нарын дарыясынын жээгинде, электр станцияларын биринен сала экинчисин курууга жардамын берүүдө. Нарындын тунгучу — Үч-Коргон ГЭСи иштеп турат. Таш-Көмүр ГЭСинин курулушу жүрүп жатат, ал 1985-жылы ток бере баштайт.

Бүгүнкү күндө шаардын ишканаларында СССРдин отуз төрт улутунун жана элдеринин өкүлдөрү эмгекте-

нүүдө. Алар тең укуктуу, кызматташтык принцибинде тарбаялануу менен кол кармашып достукта жашоодо, КПСС-тин XXVI съездинин, май жана ноябрь (1982) пленумдарынын, июль (1983) пленумунун чечимдерин орундатууга чечкиндүү турушуп, он биринчи беш жылдыктын милдеттерин орундата тургандыктарына шектенүүгө болбойт.

## КЫЗЫЛ-КЫЯ

Шаар Алай тоо кыркаларынын күңгөй тараптагы этегинде, адырлуу оазис чегиндеги зонага, деңиз деңгээлинен 920 метр бийиктикте, Караван — Көк-Жар ойдуңунун түштүк-батыш жагында жайгашкан. Калкы ар кандай улуттан турат. Шаар кварталдары (өзгөчө шаардын эски райондорунда) бири-биринен кызгылт жана боз топурактуу Чал-Таш дөбөлөрү менен бөлүнүп турат, көптөгөн кургак сайлар кесип өтөт. Андан ары Алай тоо кыркаларынын бир тармагы Гузан тоосуна өтөт, анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 1600—2000 метрге жетет.

Кызыл-Кыя шаарынын аймагы 2 миң гектарга жакын. Ал түндүк-батыш жактан Түштүк-Чыгышка карай 6—7 километрге созулат. Мында көмүр шахталары, өнөр жай ишканалары, темир жол, турак жай кварталдары, коомдук жана административдик имараттар жайгашкан.

Шаардын жана анын айлана-чөйрөсүнүн климаты ысык, кышкысы мелүүн, кыска келет. Тоонун жакындыгы термикалык шартына таасир этет, жайкы аптапты бир канчалык төмөндөтөт, өзгөчө түн ичинде. Ошондой болсо да орточо июль температурасы баары бир жогору +28,6°, ал эми орточо жылдыгы +12°. Мында Ферганага караганда кышы 2,8° суук, Коконго караганда 2,2° суук келет. Январдын орточо температурасы —4,1°. Ошондой болгондон кийин шаарда кыш орточо алганда мелүүн, кээде суук —12° ка жеткен учурлар да болот. Орточо айлык суук температура январь — февраль айларына гана туура келет. Жаан-чачындын жылдык көлөмү 200—350 мм,

өзгөчө тоолордо жана тоо этектеринде көп болот. Кыш айларында жаан-чачын көп жаайт, мартта, апрелдин башталышында —60—70 процентке жетет.

Шаардын башкы суу артериясы болуп Исфайрам суусунан алынган кубаттуу эки канал — Анхор менен Темик саналат. Бул каналдар шаардын батыш бөлүгүн кесип өтөт да, Кызыл-Кыя совхозунун талааларын, жемиш бактарын жана огороддорун сугарат.

Кызыл-Кыя районунда шалбалык-боз топурактуу жана кадимки боз топурактуу жер кыртышы басымдуулук кылат, эгерде жер семирткичтер берилип, жасалма жол менен сугарылса, жемиш жана декоративдүү бак-дарактар жакшы өсөт. Шаардын көчөлөрү, парктары, скверлери жашыл бак-дарактарга бөлөнгөн— кара жыгач, терек, акация, тут, жийде ж. б. дарактар өсөт. Шаардыктардын короолорунда жүзүм, алма, өрүк, айва, алмурут, сирень жана роза гүлдөрү өстүрүлгөн. Жазында Кызыл-Кыя жана анын чет жакалары гүлдөгөн бактардан улам агыш-кызгылт түскө келет.

Өткөн кылымдын аягында бул жерден кендин чыгышы анын шаарга айланышына өбөлгө болду. Кызыл-Кыянын күрөң көмүрү Кыргызстанда чыккан жалпы көмүрдүн төрттөн бирине туура келет. Көмүр бул райондун өнөр жайы үчүн гана эмес бүткүл Орто-Азия республикалары үчүн да маанилүү.

Мезазой мезгилинин орто ченинде пайда болгон көмүр Алай кырка тоосунун түндүк тоо этегинде Исфайрам суусунун эки жээги боюнча 45—50 километрге созулуп, жазылыгы 10—15 километр келет. Бассейндеги көмүрдүн жалпы геологиялык запасы 1300 млн. тонна. Сапаты—калориясы аз (400 к), күл көп чыгат (15%).

Тоодогу чыккан көмүрдү биринчи жолу койчу кыргыздар байкашкан. Алар күйүүчү ташты Эшме-Булактан таап кыштакка алып келишкен. 1898-жылы тоо инженери А. П. Михайлов геологиялык чалгындоо жүргүзүп таш көмүр чыгуучу жерди казнанын пайдасына өткөргөн.

Ошондо ишкерлер, орустук жана чет өлкөлүк тоо кен өнөр жай адамдары бул крайга агылып келе баштаган.

1903—1913-жылы тик кетүүчү эки шахта курулуп, көмүр буу менен иштетилүүчү лебедканын жардамы менен чыгарылып турган. Ошол жылдары Фергана —Кызыл-Кыя кууш темир жолу салынган. 1904—1914-жылдары ишкана бир аз техника жана жабдуулар — буу менен жүрүүчү кыймылдаткычтар жана лебедкалар, насостор менен толукталган, механикалык мастерскойлор пайда болгон, брикет фабрикасы жана электр станциясы курулган.

Улуу Октябрь революциясы алдында мында жылына эки миллионго жакын пуд көмүр, башкача айтканда Кыргызстандагы жалпы көмүрдүн 50 проценти казылган. Кызыл-Кыя көмүрү Ферганага, Анжыянга, Ташкентке, Самарканга, Чаржоуга, аскер бөлүктөрүнө, темир жол транспортуна жана өнөр жайларына берилип турган.

Ошентип өткөн кылымдын эң аягында Алай тоо кыркаларынын этегинде кыштак тибиндеги анчалык чоң эмес поселок пайда болгон. Ал Кызыл-Кыя деп аталат. бул наам жер ыңгайына жараша берилген.

Поселок тез өсө баштаган, бирок анын сырткы көрүнүшү өзгөрбөй кала берген. Шахтерлор жертөлөлөрдө, бәрактарда, алачыктарда жашашкан. Кенчилерге эч кандай атайын кийим берилбеген. Поселокто оорукана, аптека, мектеп, клуб деген эч болгон эмес. Кожоюндар өз жумушчуларынын эмгегин жана тиричилигин жакшыртуу жөнүндө эч кандай кам көрбөгөн.

Кыргызстандын түштүгүндө биринчилерден болуп кызылкыялык шахтерлор орустун жумушчу большевиктеринин жетекчилиги алдында эркиндик жана адилеттүүлүк үчүн күрөшө башташкан. Мында Улуу Октябрь социалисттик революциясы жөнүндөгү кабарды зор кубаныч менен тосуп алышты. Өздөрүн «Кара республика» деп атаган Кызыл-Кыянын шахтерлору ак гвардиячылар менен

басмачыларга каршы күрөшкө жетекчилик кылышты. Жумушчулардын куралданган отряддары бүткүл Фергана өрөөнүндө совет бийлигинин чыныгы тирөөчү болду.

Бүгүнкү күндө Кызыл-Кыя шахтерлору Кыргызстандагы жалпы казылып алынган көмүрдүн бир далайын берет. Азыркы учурда мында көмүр казып алуучу эки ишкана; Ленин комсомолу атындагы шахта жана «Абшыр» разрези бар, алар жылына 850—900 миң тонна көмүр берет. Калган шахталар иштетилип бүткөн соң жабылган. Мындан ары, перспективада «Абшыр» разрезине кубаттуу машиналар жиберилет, Ленин комсомолу атындагы шахта механизацияланат. Эмгекти уюштуруунун бригадалык формалары өркүндөтүлөт да, жумушчулардын, өнөр жай өндүрүшүнүн кызматкерлеринин 80 проценти тартылат.

Көмүр өнөр жайы менен шаарда эл чарбасынын жаңы тармактары өнүгүүдө. Азыркы күндө мында бир нече ири ишкана бар: «Алай» өндүрүштүк бирикмесинин кубаттуулугу жылына 1,5 млн. жуп бут кийим чыгарат, нан заводу, эт комбинаты, тамеки ферментациялоочу завод, курулуш материалдар комбинаты, оор тоо-кен жабдууларын ремонттоо мастерскою, мөмө жана жашылчаны кайра иштетүүчү консерва комбинаты ж. б. иштейт. Шаардын ишканалары жылына 65 миллион сомдон ашык суммадагы продукция чыгарат, анын ичинен 11 миллион сомду көмүр өнөр жай ишканалары берет.

1976—1980-жылдарда жалпы өнөр жайы боюнча өнөр жай продукцияларын чыгаруу планы 101,9% аткарылган. Он биринчи беш жылдыкта шаардын өнөр жайы андан ары өнүктүрүлөт. Кубаттуулугу жылына 40 миң $м^3$ ири темир бетон буюмдарын жасоочу завод, жыгачты иштетүүчү завод курулат. Ун тартуу комбинатынын жана мөмө, жемиш консерва чыгаруучу заводдун курулушу аяктайт, эт комбинаты алда канча кеңейтилет. Абшыр штольнясы кайрадан конструкцияланат. Брикет жасоочу фабрика ж. б. курулат.

Кызыл-Кыянын шахтерлору, бүт эле эмгекчилери оокаттуу жана маданияттуу жашашат. Шаарда жалпы билим берүүчү он мектеп, медицина окуу жайы, тоо-кен техникуму, көмүрчүлөрдүн жана курулушчулардын профессионалдык-техникалык эки окуу жайы, тоо-кен өнөр жай мектеби бар. Шаар индустрия кадрларын даярдоонун борборунун бири болуп калды.

Кызыл-Кыяда маданий-агартуу жана дарылоо, ден соолукту чыңдоо боюнча көптөгөн мекемелер бар. Шаар калкын шахтерлордун маданий двореци, маданият үйү, төрт клуб, коомдук алты китепкана, 8 киноустановка, кең экрандуу эки кинотеатр, тарыхый-край таануу музейи, балдардын музыкалык мектеби, маданият жана эс алуу паркы, стадион жана спорт аянтчалары, 5 оорукана, поликлиникалар, төрөт үйү, профилакторий ж. б. тейлеп турат.

Мурдагы көмүр кени жыл сайын жакшырып жана көрктөнүп бара жатат. Шаар электрлештирилген жана газдаштырылган, суу проводу орнотулган, жаңы турак жай кварталдары жана микрорайондор курулууда. Шаардын жашыл келбети жакшырууда.

Шаар калкын 150 дөн ашык магазин азык-түлүк жана өнөр жай товарлары менен камсыз кылып турат, 60ка жакын коомдук тамак-аш ишканалары —кафе, ресторан, ашкана, чайкана иштейт. Мамлекеттик жана кооперативдик сооданын ар кандай товар жүгүртүүсү жылына 36 миллион сомду түзөт.

Партиябыз менен өкмөтүбүздүн тынымсыз көрсөткөн камкордугунун натыйжасында Кызыл-Кыя шаары, жумушчулар традицияларынын шаары күндөн-күнгө көркүнө келип, кооз болуп баратат.

## МАЙЛЫ-САЙ

Шаар Фергана тоо тармактарынын түндүк-батышында Майлы-Суу суусунун бир нече тектирлерине жайгаш-

кан. Ал адыр тилкеси менен курчалган, аны аралай меридиандык өрөөндөр жана көп сандаган айрыктар кеткендиктен рельефке өзүнчө бир кооз түр берет. Ландшафтта жарым чөлдүү жана талаалуу, кээ бир жерлеринде мисте жана жаңгак дарактуу тилкелер жолугат.

Жылдык орточо температурасы 12,5—13°, июлдун орточо температурасы —25—26°, суук январда күчүнө кирет, 220—245 күн суук болбойт. Жаан-чачын бир кыйла көп (650—700 мм).

Майлы-Сай — жаш шаар, өсүп келаткан өнөр жай борбору, 1953-жылы жумушчу поселогунан шаарга айландырылган.

СССРдин элүү жылдыгы атындагы Майлы-Сай электр лампаларын чыгаруучу завод сегизинчи беш-жылдыктын жылдары ичинде курулган — өлкөдөгү эң ири ишканалардын бири. Ишкананын долбоордук кубаттуулугу жылына 370,7 миллион электр лампасын чыгарууга эсептелген, кадимки жарык бергич лампадан тартып эң кичинекей лампага чейин жасалат. Мында электр лампасынын 20дан ашык түрү мамлекеттик сапат белгиси менен чыгарылат, анын ичинен 14 түрү ар кандай наамдагы жарык бергичтер.

Жылына жети миллиондон ашык погондук метр айнек кездемелерин, изоляция материалдарын чыгара турган дагы бир жаңы ишкана — «Кыргызэлектроизолит» заводу, ал өзүнүн продукциясын өлкөбүздүн 350 заводуна берип турат. Эң ири эт комбинаты колбаса-консерва чыгаруучу цехтери менен кошо иштейт. Эл керектөөчү товарларды чыгарууда кийим жана бут кийим тигүүчү фабрикалар көрүнүктүү орунду ээлейт.

Шаарды кубаттуу жылуулук электр борбору жарык жана жылуулук менен камсыз кылып турат, ал фергалык энергетикалык системанын звенолорунун бири болуп эсептелет.

Майлы-Сайда электр лампаларын чыгаруучу заводдун «жандоочусу» катарында дагы бир нече өнөр жай ишка-

наларын, электротехникалык жана металл иштетүү өнөр жай ишканаларын жайгаштыруу белгиленип жатат. Азыркы учурда шаардын өнөр жайы жылына 76 миллион сомдук продукция иштеп чыгарат. Өнөр жай продукциясын сатып-өткөрүү планы 1976—1980-жылы 102,1 процентке же 364520 миң сомго аткарылган, мунун өзү пландан тышкары 7586 миң сомго көптүк кылат.

Үстүбүздөгү беш жылдыкта электр лампаларын чыгаруучу заводду реконструкциялоо белгиленди. 1990-жылы электр лампасын чыгаруу 600 миллион даанага жетет же 60 процентке көбөйөт.

Шаарда профессионалдык-техникалык окуу жайы, электромеханикалык техникум, жалпы билим берүүчү бир нече мектеп, балдар бакчалары жана яслилери, китепканалар, клубдар, кинотеатрлар, маданият жана эс алуу паркы, стадион, Пионерлер двореци жана Маданият двореци калктын ар кандай таламдарын канааттандырып турат. Шаар көчөлөрүнүн ыңгайлуу пландалышы турак жай кварталдарынын, административдик жана коомдук имараттардын кооз курулушу менен айырмаланат. Кийинки жылдарда эле курулган электр лампаларын чыгаруу заводунун турак жай кварталдары сулуулугу жана көрктөндүрүлүшү жагынан борборубуздун жаңы курулуштарынан кем калбайт.

Мындагы калкты тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар — ателье жана тиричилик комбинаттары, кийим тигүүчү фабрика жана көптөгөн мастерскойлор, магазиндер жана павильондор тейлөөнүн жогорку маданиятын көрсөткөндүктөрү менен айырмаланышат. Мамлекеттик жана кооперативдик сооданын жалпы чекене товар жүгүртүүсүнүн көлөмү 1,6 миллион сомдон, ал эми коомдук тамак-аш ишканаларыныкы — бир миллион сомдон ашат.

# ӨЗГӨН

Шаар Фергана кырка тоолорунун түштүк-батыш этегинде, Жазы (Яссы) жана Кара-Дарыя сууларынын аралыгында жайгашкан. Ал Кара-Дарыянын оң тарабындагы бийик жээгинде, деңиз деңгээлинен 1000 метр бийиктен орун алган. Мында жайы ысык жана кургак. Июлдун орточо температурасы 22—24°, эң эле жогоркусу—38°. Кышы мелүүн, эң суук айдын (январь) орточо температурасы — 3—5°. Ноябрда кар түшүп, 90—110 күнгө чейин жатат. Жаан-чачын жылына 520—540 мм. түшөт, көбүнчө (55—65%) кышында жана жазында жаайт. Областтын батыштагы райондорунан айырмаланып, мында катуу шамал болбойт.

Өзгөн — Орто Азиядагы эң байыркы шаарлардын бири. Анын негизделгенине эки миң жыл убакыт өттү [1]. Соода жолунун өзүндө жайгашып, ал 9—12 кылымдарда гүлдөгөн шаарга айланат, кубаттуу түрктөр-караханиттер мамлекетинин батыштагы борбору болуп эсептелген. Өзгөн Ички Тянь-Шанды Фергана өрөөнү менен байла-

[1] Өзүнүн аталышы жагынан, жазылып калтырылган маалыматтарга караганда Өзгөн 9-кылымдын орто ченинен белгилүү. Урбонимдин этимологиясы али так аныктала элек. Өзүнүн эң мыкты «Диван лугатит түрк» деген эмгегинде Махмуд Кашгари (11-кылым) Өзгөн шаарынын мааниси жөнүндө *«өз шаарым»* деп эки жолу кайталаган. К. Ш. Шаниязовдун айтуусунда (1970) Өзгөн сөзмө сөз *«уздардын шаары»* (Уз-этноним; Уздар-Орто Азиянын байыркы көчмөн элдеринин бири), К. Конокбаев (1980) — *«өрөөдөгү шаар»* дейт. Биздин пикирибизче, уз урбониминин биринчи компоненти өз — байыркы түрк апеллятиви *уздун* адаптациясы болуп саналат. («Дөбө», «бийик дөбө»), бул Өзгөндүн географиялык абалына алда канча туура келет. Археологиялык маалыматтарга караганда байыркы Өзгөн дөбөлүү жерде турган. Бүгүнкү күнгө чейин дөбөлүү рельеф шаардын топографиясында даана көрүнөт. Экинчи компоненти *кен* урбоними (кент, *канту*) — *түрк*. иран термини, мааниси — *«шаар*, айыл, кыштак». Ошентип Өзгөн деген наам «дөбөдөгү шаар». *«дөбөлүү жердеги шаар»* дегенди түшүндүрөт. «Кыргызстандын онамастикасы» (1983) деген китепте толук көрсөтүлгөн.

ныштырып турган. Ал кол өнөрчүлүктүн борбору катары, өзгөчө металл буюмдарын жана улуттук кийимдерди чыгаруу жагынан да белгилүү болгон. Шаар калкынын бир бөлүгү соода-сатык менен өмүр сүргөн.

18-кылымдын экинчи жарымында Өзгөн, Кокон хандыгы тарабынан басып алынган. Кокондун башкаруучулары учурунда да шаар өзүнүн кол өнөрчүлүк өнөр жай борбору катары маанисин жоготпостон шаардыктардын гана эмес, чөйрөсүндөгү калктын мүдөөсүн да канааттандырып турган. Өзгөн базарынан дыйкандар кебезден жана жибектен токулган кездемелерди, жезден жасалган жана ювелир буюмдарын, айыл чарба өндүрүшүнүн товарларын сатып алып турушкан. Шаарда кол өнөрчүлөр жана көпөстөрдөн башка дагы көптөгөн диний өкүлдөр жашап, андагы мечиттерди жана медреселерди тейлешкен.

Азыркы учурда Өзгөн — ири айыл чарба районунун борбору. Бул Ош областындагы көлөмү жагынан бешинчи шаарлардан болуп саналат. Кунардуу жерлерде колхоздор менен совхоздор эгиндин, тамекинин, күрүчтүн, жемиштин жана жүзүмдүн мол түшүмүн өстүрүшөт. Райондо уй, кой-эчкилер багышат.

Азыр Кара-Шоро булактарынын минералдык көмүр кычкыл суусу кеңири белгилүү, аны Ош областынын тегерегине гана эмес анын сыртына да чыгарат. Өзгөндө Кыргызстандын жалгыз гана кургак сүт чыгаруучу заводу иштейт. Сапатынын жогорку категориясы үчүн мында чыгарылган эки продукция — «крестьянское» каймак майы жана кургак сүт аттестацияланган. Нан бышыруучу, вино чыгаруучу жана пиво кайнатуучу заводдор иштейт.

Эски кол өнөрчүлүк өнөр жайы да эстен чыгарылган жок. Элдик көркөм буюмдар чыгаруу бирикмеси эң сонун буюмдарды —Кыргыздын ак калпагын, музыкалык аспаптарды эзелтеден келаткан ыкмалар боюнча даярдайт, хан атлас — Орто-Азиянын калкы кеңири талап

кылган улуттук кездеме да ушул жерден токулат. Колго согулган өзгөн килеми кайталангыс оймо-чиймеси, жарашыктуу түрү менен атагы алыска тараган.

Он биринчи беш жылдыктын алгачкы эки жылынын өнөр жай планы ийгиликтүү орундалган. Бул беш жылдыкта эт-сүт өнөр жайы алда канча өнүгүүгө ээ болот. Жеңил жана тамак-аш продукциясынын тармактарынын структурасы өркүндөтүлөт, ал жергиликтүү айыл чарба сырьёлорун кайрадан иштетүүгө негизделген, кирпич заводу, элдик көркөм өнөрчүлүк буюмдарын чыгаруу комбинаты алда канча кеңейтилет жана механизациялanat.

Байыркы Өзгөн өсүүдө жана көркүнө келтирилүүдө. Шаарда бир нече мектеп, оорукана, клуб, балдар бакчалары, киноустановкалар иштейт. Кара-Дарыянын эң кооз бийик жээгинде чоң парк бар. Мында алыскы тараптардан адамдар агыла келишип, архитектуралык эстеликтер: караханиддер доорундагы мазарлар жана байыркы мунаралар менен таанышышат, бул эстеликтер он кылымдын ашык убактан бери байыркы устаттардын эң мыкты өнөрү менен таңдандырып келатат. Байыркы замандын архитектуралык ансамбли азыркы учурдагы имараттар менен органикалык түрдө айкалышып, байыркы Өзгөн шаарынын кебетесин көрктөндүрүүдө. Мында өнөр жай ишканаларынын жаңы корпустары курулууда, турак жайларынын кварталдары бийик көтөрүлүүдө. Беш жылдыктын ичинде маданий-тиричилик жана коммуналдык тейлөө мекемелеринин тармагы белгилүү өлчөмдө көбөйөт.

Шаардын өнүгүү перспективасы Жазы суусунун жана анын куймаларынын жогорку жагында жайгашкан Өзгөн таш көмүрүнө байланыштуу. Орто Азияда эң жогорку сапаттуу (8500 кал.), энергиялуу жана кокстолуучу юра доорунун көмүр кендери өндүрүштүк толук циклдүү кара металлургия, химия өнөр жайларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Өзгөн келечекте көмүрчүлөрдүн, энер-

гетиктердин, металлургдардын жана химиктердин шаары болуп калмакчы.

## СҮЛҮКТҮ

Шаар Ош областынын батышында, Түркестан тоо кыркаларынын түндүк этегинде, анчалык чоң эмес Капчыгай чуңкурчагында жайгашкан. Чуңкурчактын жогорку бөлүгү бир нече тереӊ болбогон сайлардан, кокту-колоттордон туруп, адырларга курчалган. Адырлардын беттери учурундагы селдерден улам өзгөрүүгө дуушар болуп турган. Түркестан тоо кыркалары шаардан 25—30 км алыстыкта.

Сүлүктүнүн климаты кескин континенталдуу. Ошко караганда кышы суугураак. Мында январдын орточо температурасы —5,2°. Жайы ысык жана кургак, июлдун орточо температурасы +24°, кээде +40°ка жетет. Бирок Түркестан тоолорунун жакындыгы абаны өзгөчө түн ичинде салкын кылып турат. Эң төмөнкү температурасы —29°, январда температура кескин төмөндөйт.

Сүлүктү — Орто Азиядагы көмүр өнөр жайынын эң ири борборунун бири. Сүлүктү көмүрү 1868-жылдан эле казыла баштаган. Көп учурларга чейин Сүлүктү Ташкентке жана Фергана өрөөнүндөгү шаарларга көмүр берип турган бирден бир шахта болуп келген. Бирок 1975-жылы кенди кокондуктар өрттөп жиберишкендиктен көмүр казуу токтоп калган. 1896—1900-жылдары шахтаны калыбына келтирип, көмүр казуу кайрадан улантылган.

1907-жылы Драгомилово станциясынан (Пролетарск) кууш темир жол Сүлүктү капчыгайынын кире беришине чейин салынган. Көмүр катмары капчыгайдын түбүнөн алда канча жогору жаткандыгына байланыштуу кууш темир жол ордуна темир жол станциясын шахталар менен байланыштырган асма жол кеңири пайдаланылган. Мунун өзү көмүр казып чыгарууну көбөйтүүгө мүмкүндүк берген. Эгерде 1904-жылы 6400 тонна көмүр казылса,

1913-жылы 42900 тоннага, ал эми 1916-жылы 79470 тоннага чейин жеткизилген. 1917-жылы Сүлүктү бүткүл Кыргызстанда чыгарылган көмүрдүн 40 процентин берип турган.

Беш жылдыктардын жылдары ичинде Сүлүктү шахталары түп тамырынан бери кайрадан конструкцияланып, жаңылары курулду. Азыркы учурда көмүр шахталары жогору механизацияланган ишканалар болуп эсептелет. Сүлүктү республикада казылып алынган көмүрдүн 22,6 процентине жакынын берип турат.

Көмүр ишканаларынан башка дагы шаарда навайкана, сүт заводдору, тегирмен, эт комбинаты, кийим тигүү фабрикасы, кирпич заводу иштейт. Өнөр жай продукциясын чыгаруу боюнча онунчу беш жылдыктын планы аткарылган. Шаардын калкы өсүүдө. Анын составы сезилерлик өзгөрдү; азыр эмгекке жарамдуу калктын көпчүлүк бөлүгү көмүр жана жергиликтүү өнөр жайларында, жаңы курулуштарда эмгектенишет. Шаардын маданий өнүгүшүндө чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Жалпы билим берүүчү сегиз мектеп, алты китепкана, Маданият двореци, төрт кинотеатр, пионерлер үйү, стадион, музыкалык мектеп, медициналык мекемелер, тарыхый-край таануу музейи ж. б. иштеп турат. Жумушчулар жашаган мурдагы кепелер жер менен кошо жексен болду. Алардын ордунда азыр барлык ыңгайлуулугу бар турак үйлөр, скверлер, асфальтталган көчөлөр салынган. Эмгекчилердин жыргалчылыгы жыл өткөн сайын артууда. Мында төмөндөгүдөй эле цифраны келтирүү жетиштүү; 1980-жылы мурдагы жылдарга караганда товар жүгүртүү миллион сомдон ашык өскөн. Элге билим берүү, саламаттык сактоо, калкты маданий-тиричилик жана коммуналдык жактан тейлөө андан ары өнүгүүгө ээ болот.

## КАРА-СУУ

Кара-Суу шаары областтагы пахта өстүрүүчү эң ири Карасуу районунун борбору, темир жолдун жана өнөр жай ишканаларына жанаша жайгашкан автомобиль жолдорунун маанилүү түйүнү.

Кара-Суу Ош шаарынан 22 километр алыстыкта, Ош — Жалал-Абад —Таш-Көмүр —Токтогул — Фрунзе автомагистралынын өзөгүндө, Ош— Карасуу оазисинин түндүк-чыгыш бөлүгүндө, Шархансай суусунун сол жак жээгинде, деңиз деңгээлинен 700 метр бийиктикте жайгашкан.

Табигый шарты анын чөлдүү зонадагы абалы менен мүнөздөлөт. Мында жайы ысык жана кургак, кышы мелүүн, жазы бүткүл Ферганадагыдай эле эрте келет. Ыңгайлуу климат, семиз топурак, —каналдар менен арыктардын көптүгү айыл чарбасын кеңири өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Шаарды пахта талаалары, жүзүм плантациялары, тыт дарактары курчап турат.

Кара-Суу районунун аймагында (8 миң км. жакын) 192,8 миң адам жашайт, алардын ичинен бир тобу Кара-Сууда. Станция жанындагы поселокко окшогон шаар темир жолдо Оштон алыс эмес жерде Улуу Октябрь революциясына чейин эле пайда болгон. Ал эми Жалал-Абад шаарына чейинки темир жол (1916-ж.) жана анын Ошко кеткен жаңы бутагы (1929-ж.) бүткөндөн кийин Кара-Суу Ош—Фрунзе автомагистралындагы темир жол түйүнү болуп калат, бул болсо анын өнөр жайынын өсүшүнө өбөлгө түзөт.

1926-жылы мында пахта тазалоочу завод курулган, ал азыркы учурда суткасына 400 тоннага жакын сырьёну кайрадан иштетет жана Ош областындагы эң ири ишканалардын бири болуп эсептелет. Кыргызстандагы жападан жалгыз болгон май экстракциялоочу завод жыл сайын 20 миң тоннага жакын пахта майын чыгарып турат. Бул ишкана 1952-жылы ишке киргизилген ишкана-

лардан. Сырьёну-пахта данегин завод Кыргызстандын жана Өзбекстандын пахта тазалоочу заводдорунан алат да, андан тазаланган май жана чарбалык самын жасап чыгарат. Он биринчи беш жылдыкта май экстракциялоо заводу кайрадан конструкцияланат жана кеңейтилет.

Кара-Сууда ири тегирмен комбинаты, кийим тигүү фабрикасы, автомобиль ремонттоочу завод жана башка ишканалар бар. Перспективада иштеп жаткан өнөр жай ишканаларын кеңейтүү жана жаңыларын куруу алдыда турат.

Өнөр жайынын өнүгүшү менен катар шаардын маданий түрү да өзгөрүүдө. Мында 8 мектеп, шаардык жана ж. б. 18 китепкана, клуб, кинотеатр иштейт. Калкты медициналык жактан тейлөөдө түп тамырынан бери өзгөрүүлөр болду. Эгерде өткөн заманда Кара-Суунун калкы бакшы-молдолордон «дарыланса», азыр шаардын эмгекчилерин шаардык оорукана, төрөт үйү, поликлиникалар, аптека тейлеп турат, аларда 400дөн ашык врачтар жана медициналык орто звенодогу кызматкерлер иштейт.

Экономикалык жана маданий жактан жогорулоо шаарды көрктөндүрүүдө көп өзгөртүүгө алып келди. Октябрь революциясына чейин темир жол боюндагы, ийри-буйру, булганыч көчөлүү, толуп жаткан ошондой эле чолок көчөлөрү, чоподон эптеп-септеп тургузулган үйлөрү бар поселок эле. Азыр болсо шаарда 30дан ашык түптүз кеңири, жашылдандырылган көчөлөр бар, бардык ыңгайлуулуктары менен курулган турак үйлөр көп. Шаар электрлештирилген жана газдаштырылган. Газ плитасы, электр жарыгы, электр менен жылытуучу приборлор, радио жана телевизор— калктын шаардык турмуш тиричилигиндеги адаттагы эле көрүнүш. Он биринчи беш жылдыкта калкты саламаттык сактоо, элге билим берүү жана маданий тиричилик жана коммуналдык жактан тейлөө андан ары өнүгөт.

## КӨК-ЖАҢГАК

Жалал-Абад шаарынан түндүк-чыгышты карай 25 километр аралыкта Фергана тоо кыркаларынын арасына деңиз деңгээлинен 1500 метр бийиктикте Көк-Жаңгак шаары жайгашкан. Ал Көк-Жаңгак, Коргон-Таш, Уч-майлы-Сай суулары менен бөлүнгөн өрөөндө, Серүүн-Дөбө тоосунун этегинде турат. Өрөөндүн түпкүр жагы ой-дөңдүү келип, аларды суу жеп кеткен. Турак жайлардын кварталдары жана коомдук имараттар темир жолду бойлоп созулуп кетет.

Серүүн-Дөбө деңиз деңгээлинен 1300—2590 метр бийиктикте, Кара-Дарыянын куймаларынан болгон Көгарт жана Ченгет сууларынын ортосунан орун алган. Тоо беттери кар, жаан суулары менен желип отуруп, бара-бара жылаңач чаптарга айланып кеткен.

Чакан тоо өрөөнүнүн койнунан орун алган кыргыз кыштагы Көк-Жаңгак качандыр бир кездерде бүтүндөй грек жаңгагынын токоюна чөмүлүп турган. Ошол кездердеги көрүнүштөн тоолордун аталышы — Көк-Жаңгак деген ат гана калды[1], ырас тоодо али бир аз жаңгак дарагы бар. Кийинки убактарда Көк-Жаңгактын чет жакаларында жаңгак дарагын отургузуу улантылууда.

Көк-Жаңгак шаарынын тарыхы шахтерлордун башка шаарларына эле типтеш. Бөйрөк тоосунун этегинен

---

[1] Жаңак топониминин экинчи компонентинин жергиликтүү (диал.) формасы. Байыркы түрктүн жазуу булактарында *йанак* — *«жак»*, «тарап». ал эми *«йаңрак (йаңак* дегендин варианты) — «бүктөлүш» *«тоонун бүктөлүшү»*. Мына ушундан: *«тоонун жашыл тарабы»*, *«Жашыл жантайма»*, *«тоодогу, жантаймадагы бүктөмөлөр»* деген түшүнүк пайда болушу мүмкүн (К. Конокбаев, 1980). Айрым учурларда «көк деген түшүнүктүү ирандык-тажиктин кух («тоо, дөбө, чоку, кырка тоо») деген сөзүнүн Кыргыздык адаптациясы катарында кароого жана «Көк-Жаңгак» — «Жаңгак тоосу» деп болжолдоого болот (Д. Исаев, 1977). Чынына келгенде бул түшүнүктөрдүн ар бири чындыкка жакын.

таш көмүр кени үстүңкү катмардан эле чыга тургандыгы жергиликтүү калкка эбактан бери белгилүү болгон. Бирок иш жүзүндө ага кызыгуу Жалал-Абад шаарынын жана башка элдүү пункттардын өнүгүшүнөн улам арта баштады. Жекече ишкана ээси тарабынан көмүр казуу 1890-жылы эле башталган. 1910-жылы орус ишкери Т. А. Куранец кен чыккан жерге бир нече шахта курган. Ал көмүр казуу үчүн 15-20 кишиден турган артель уюштурган. Кийинчерээк (1912-ж) ал бухаралык көпөс Батыралы Курманалиевден көмүрдүн ачык кенин өз колуна алат. Ушуга байланыштуу капитал көп түшө баштайт жана көмүр казуу кеңейтилет. 1915-жылы көмүр кенин өнөр жайлык казуу Көк-Жаңгак жана Коргон-Таш сууларынын арасында жаткан жерде башталган. 1916-жылы көмүр казып алуу 1300 тоннага жеткен, башкача айтканда 1910-жылга караганда 43 эсе көп болгон. Кенчилердин эмгеги оор, аз өндүрүмдүү болгон. Чукулдук, күрөк, кол араба — мына болгон «техника». Казылып алынган көмүрдү атка жүктөп Ивановское (азыркы Октябрское) кыштагына, Жалал-Абадга жана Андижанга жеткирип турган. Граждандык согуштун жылдарында кенди басмачылар өрттөп жибергендиктен көпкө чейин көмүр казуу токтотулган.

Совет бийлигинин жылдары ичинде Көк-Жаңгак кендеринде эң зор өзгөрүүлөр болуп өттү. Темир жол чоң мааниге ээ болду, ал 1930-жылы Көк-Жаңгактагы Жалал-Абад темир жол станциясы менен бириктирген. Электр станциясы. шахтерлор үчүн көп квартиралуу биринчи үй, административдик имарат тургузулган. Көмүр казып алуу тез өнүгө баштады. 1931-жылы көмүр казып чыгаруу боюнча кен биринчи жолу пландуу тапшырма алган. Азыркы учурда ал жылына 650 мин тоннага барабар же областтагы бүткүл көмүр алуунун төрттөн бир бөлүгүн түзөт.

1943-жылы жумушчу поселогуна шаар статусу берилди. «Көк-Жаңгак» шахтасында бүткүл өнөр жай процес-

стери механизацияланган. Кийинки жылдарда Сары-Булак жана Үч-Малай жаңы таш көмүр кендери өздөштүрүлдү. Шаарда механизацияланган ири нан заводу, кушкана-эт муздатуучу ишканасы, сүт жана кирпич заводдору, шаардык өнөр жай комбинаты, алкоголсуз ичимдиктер жасоочу завод ж. б. иштеп турат. Жыгач иштетүүчү мастерскойлордун базасында жыгачтан буюм жасоочу завод өсүп чыкты. Бирок бүткүл өнөр жай продукциясынын 90 процентке жакынын көмүр берет. Өнөр жай продукциясын чыгаруу боюнча онунчу беш жылдыктын планы аткарылган. Аны сатып-өткөрүү шаардын ишканаларында 73709 сомду түзгөн.

Шахтерлор шаары жашыл дарактарга бөлөнгөн, жыл сайын мында бардык ыңгайлуулуктары бар жасалгалуу турак жайлары жана асфальтталган көчөлөр көбөйүүдө. Көк-Жаңгакты суу менен камсыз кылуу маселеси да чечилген — Көгарт суусунан капиталдык түрдө суу чыгарып келүүчү курулуш түзүлгөн. Жалпы билим берүүчү сегиз мектеп, эки оорукана, поликлиникалар, Маданият двореци, китепканалар, киноустановкалар, тамак-аш жана жеңил өнөр жай ишканалары, тиричилик жактан тейлөө ишканалары — шаардагы мына ушулардын бардыгы шахтерлордун жана алардын үй-бүлөлөрүнүн, бүткүл шаар эмгекчилеринин дагы да жакшы жашап, алардын эс алуусунун ойдогудай болушу үчүн кызмат көрсөтүүдө.

* * *

Областтагы шаарлардан тышкары шаар тибиндеги поселоктор эл чарбасында маанилүү ролду ойнойт.

Беш жылдыктын жылдары ичинде Ош областында көптөгөн пайдалуу кендерди өздөштүрүү, ар кандай өнөр жайын, курулушту, транспортту, энергетиканы өнүктүрүү көп сандаган шаар тибиндеги поселоктордун пайда болушуна байланыштуу.

Энергетикалык жана гидротехникалык курулуш жагында Шамалды-Сай, Найман пайда болду.

Түштүк Кыргызстанда Чаувай, Хайдаркан, Фрунзе, Совет поселоктору түстүү металлдардын өнүгүшүнө байланыштуу курулган, ал эми Көк-Таш, Кочкор-Ата, Чаңгырташ —нефтинин жана газдын өнүгүшүнө, Восточный, Алмалык поселоктору көмүр казууга байланыштуу өнүктү.

Сары-Таш поселогу транспорт борбору катары өсүп чыкты. Айрым поселоктор жергиликтүү өнөр жайынын өнүгүшүнө байланыштуу жаралган, буга Кызыл-Жар поселогу кирет.

Аталган поселоктор кийинки жылдары түп-тамырынан бери өзгөрдү. Аларда азыркы учурдагы турак жайлар, мектептер, балдар мекемелери, клубдар, кинотеатрлар, соода мекемелери, саламаттык сактоо жана тиричилик объектилери курулган. Эмгектин жана жашоонун шарты алда канча жакшырды. Поселоктордун көркү ачылуу менен калкынын саны да артууда, транспорт системалары ж. б. көбөйүүдө.

## МАЗМУНУ

Биздин шаарлар жөнүндө сөз . . . . . 3
Шаарлардын карыясы . . . . . . . . 8
Жалал-Абад . . . . . . . . . 32
Таш-Көмүр . . . . . . . . . 41
Кызыл-Кыя . . . . . . . . . 45
Майлы-Сай . . . . . . . . . 49
Өзгөн . . . . . . . . . 52
Сүлүктү . . . . . . . . . 55
Кара-Суу . . . . . . . . . 56
Көк-Жаңгак . . . . . . . . . 58

*Садыбакас Өмүрзаков.*
*Токумбек Айдашев,*
*Султан Токтогонов,*

**ГОРОДА
ГДЕ МЫ ЖИВЕМ**

(Очерки о городах Ошской области)

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактор *Ы. Элакунов*
Кенже редактор *Б. Самиева*
Сүрөтчү редактору *С. Ямгырчиев*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *М. Чекиров*

ИБ № 2534

Терүүгө 12. 10. 1983-ж. берилди. Басууга 27. 02. 1984 ж. кол коюлду. Д—02742 Басмаканалык № 3 кагаз. Адабий арибн жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70x108 1/32. 2,0+0,25 физ. басма табак. 2,8±0,35 шарттуу басма табак. 2,948 учеттук табак. 3,413 боёк түшүрүү. Тиражы 1000. Заказ № 1923 Баасы 10 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737. ГСП. Фрунзе шаары. Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР
басма, полиграфия жана китеп
соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616. ГСП. Фрунзе шаары. Мукаш Абдраев көчөсү, 72

10 т.

